# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

| №8 (306) | 30.08.2024. | e-mail: kyrgyztili@mail.ru


Башкы сөз



## Кыргызстан

*Бирөө жүрсө байлык издеп турмуштан,*
*Бирөө жашайт бакыт тилеп жылдыздан.*
*Башкаларды билбейм, бирок а менин*
*Байлыгым да, бакытым да - Кыргызстан!*

*Асыл дүйнө таппай ачуу турмуштан,*
*Адамдар бар аруулуктан жылмышкан.*
*Андайларды билбейм, бирок а менин*
*Ар-намысым, абийирим да - Кыргызстан!!*

*Өз керт башын ойлоп такка тырмышкан,*
*Өкүмдардын көбүн көрдүк турмуштан.*
*Өзгөлөрдү билбейм, бирок мен үчүн*
*Өйдө турат бүт баарынан КЫРГЫЗСТАН!!!*

**Алтынбек ИСМАИЛОВ**

# ЭГЕМЕН КЫРГЫЗСТАН!

Аскарбек БЕКБОЕВ

## ФИЛОСОФИЯЛЫК ЛИКБЕЗ: АБИЙИР



3-БЕТ

Салижан ЖИГИТОВ

## «ЖОЛБОРС ТЕРИСИН КИЙГЕН БААТЫР»



4-БЕТ

Жамгырбек БӨКӨШОВ

## "ЭР ТӨШТҮК": ГЕРМЕНЕВТИКАЛЫК СЕРЕП



7-БЕТ

**ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484**
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА **779** СОМ **34** ТЫЙЫН

# Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия менен "Тилимпоз" коомдук фондунун ортосунда КЫЗМАТТАШУУ КЕЛИШИМИНЕ кол коюлду

"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамын ишке ашыруу, мамлекеттик тилди өнүктүрүү чөйрөсүндө биргдиктүү тил саясатын жүргүзүү жана мамлекеттик тил багытындагы ар тараптуу иш-чараларды жана долбоорлорду аткарууну колго алуу максатында Кызматташуу келишими түзүлдү.

"Тилимпоз" социалдык долбоору бир нече жылдан бери үзүрлүү аракеттенип, мамлекеттик тил саясатын жүргүзүүдө жана аны өнүктүрүүдө, анын ичинде социалдык тармактардагы ишмердүүлүк, кыргыз жарандарынын арасындагы сабаттуулукту жогорулатуу, заманбап кыргыз тилин жайылтуудагы форумдар жана ар деңгээлдеги иш-чаралар, мамлекеттик тил мыйзамын аткаруудагы жигердүүлүк, Кыргызстан боюнча "Катасыз кыргыз тили" өнөктүгү, жазуу эрежелерин жайылтуу сыяктуу иштер, өзгөчө бөлүгүн жаңы технология багыты түзөт. Бул жасалма интеллект, сайт, колдонмону иштеп чыгуу дагы абдан чоң эмгек.

"Тилимпоздун" мүчөлөрү ыктыярчылыктын, мекенчилдиктин үлгүсүн барды-гыбызга көрсөтүп келүүдө. Иш токтобой, биргелешкен кызматташтык дагы жаңы деңгээлге чыгарын Улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиев баса белгиледи.



## Улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиев Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын кызматкерлери менен жолукту



Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» мыйзамынын кабыл алынгандыгын 35 жылдыгына карата "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" КР конституциялык Мыйзамын аткаруу максатында "Эне тилде сүйлөөнүн маңызын тереңдеп түшүндүрүү, мамлекеттик тилде эркин жана көркөм сүйлөөгө үгүттөө" темасында атайын сабак өткөрүлдү.

Аталган сабакты Улуттук комиссиянын төрагасы М. Мураталиев өтүп, сабакка Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын директору, генерал-майор У. Шаршеев, ошондой эле КР Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын борбордук аппараты жана башкы штабынын өздүк курамы катышты.

Төрага М. Мураталиев өлкөбүздүн тынчтыгын күзөткөн Чек ара кызматынын кызматкерлерине мамлекеттик тилдин орду, кыргыз маданиятынын калыптанышы жана тарыхы тууралуу кенен токтолуп, кызыктырган суроолоруна жеринде жооп берди.

## «КЫРГЫЗЧА СҮЙЛӨШӨБҮЗ» аталышындагы окуу-методикалык колдонмо жарыкка чыкты




«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын кабыл алынышы менен мамлекеттик тилди билүүгө коюлган жоопкерчилик да, тилди окутууга коюлган талаптар да кыйла жогорулады. Ушундан улам кыргыз тилин жаңыдан үйрөнүп жаткан жарандар үчүн жеңил жана кызыктуу окуу куралдарынын, түрдүү колдонмолордун иштелип чыгуусу мезгил талабы болууда.

2024-жылы басылып чыккан «КЫРГЫЗЧА СҮЙЛӨШӨБҮЗ» аталышындагы окуу-методикалык колдонмо «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси тарабынан «Кыргызтест» системасы боюнча мамлекеттик тилди «Баштапкы» (А1) деңгээлде үйрөтүү үчүн иштелип чыкты.

Бул колдонмо тил үйрөнүүчүлөргө А1 деңгээлинде күнүмдүк-тиричилик жана социалдык-маданий чөйрөлөрдө мамлекеттик тилде баштапкы коммуникативдик байланышты түзө билүүгө үйрөтөт. Колдонмодо А1 деңгээлинин лексикалык жана грамматикалык минимумдарынын алкагында сүйлөшүүнү камсыз кылган сөздөр, сөз айкаштары, негизги этикеттик сөздөр, чакан тексттер, диалогдор жана грамматикалык справочник камтылган.

Тилди үйрөтүүдө төрт көндүмдү бирдей өркүндөтүп туруу абдан маанилүү болгондуктан, сунушталып жаткан окуу-методикалык колдонмодо улуттук «Кыргызтест» системасынын А1 деңгээлинин талаптарына ылайык чакан көлөмдөгү текстти же билдирүүнү окуп, жалпы маанисин түшүнө билүүсүн («Окуу» субтести), чакан көлөмдө так жана жай айтылган аудио маалыматтын жалпы маанисин түшүнө алуусун («Угуу» субтести), кыргыз тилинин адабий ченемдерин сактоо менен өзүнүн оюн оозеки («Сүйлөө» субтести) жана жазуу жүзүндө («Жазуу» субтести) билдире алуусун жана грамматикалык эрежелерди өздөштүрүү менен аларды орундуу колдоно билүүсүн калыптоого багытталган тапшырмалар берилди. Деңгээлдик системага ылайык бардык көндүмдөр боюнча көнүгүү иштери камтылып, жоопторду оң жана терс формалары таяныч чиймелер аркылуу көрсөтүлдү. Бардык тил үйрөнүүчүлөргө (этносуна карабастан) бирдей кызыктуу болуусу үчүн тапшырмалар түрдүү татаалдыкта (дифференцделген нукта) ырааты менен иштелип чыкты. Тилди жаңыдан үйрөнө баштаган адамдар жаңы сөздөрдү, фразаларды так, туура айтууга көнүгүүсү үчүн чакан тексттер, диалогдор QR-код аркылуу берилди. QR-код аркылуу айтылып жаткан аудио фразаларды тил үйрөнүүчү эталон катары кабыл алып, сөздөрдү ошол ыргакта, интонацияда айтууга жетишүүсүнө өбөлгө түзүлмөкчү.

Колдонмо кыргыз тилин чет тил катары окутуп жаткан мугалимдерге, студенттерге, кыргыз тилин өз алдынча үйрөнүүчүлөргө арналат.

## «Кыргызстандагы билим берүүнүн азыркы учурдагы парадигмалары жана тенденциялары» аттуу кереге кеңеш өттү




2024-жылдын 12-14-август күндөрү З. Бектенов атындагы Ысык-Көл кыздар лицейинде «Кыргызстандагы билим берүүнүн азыркы учурдагы парадигмалары жана тенденциялары» аттуу кереге кеңеш өттү.

Кереге кеңеште Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиев "Мамлекеттик тил жана билим берүүдөгү окутуу тили" аталышында доклад окуп, билим берүүдөгү мамлекеттик тилдин абалына токтолду.

Аталган иш-чарага Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын өкүлдөрү, билим берүү тармагына салым кошуп келе жаткан академик, профессорлор, коомдук ишмерлер жана билим берүү тармагында иштеген уюмдардын өкүлдөрү катышты.

Кереге кеңеш "ОРДО" диалог платформасы" коомдук фонду жана «Кут Билим» медиа борбору менен биргеликте уюштурулду.

Кереге кеңештин модераторлору:

1. тарых илимдеринин доктору, профессор Асан Сулайманович Ормушев;
2. журналист, публицист, "Кут Билим" медиа борборунун директору Кубат Асангазиевич Чекиров;

Кереге кеңеште төмөнкү доклaддар окулду:

1. Алмаз Токтомаметов, Билим берүү жана илим министрлигине караштуу педагогдордун квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун директору: "Кыргызстандын билим берүү тармагын трансформациялоодо мугалимдин ролу".
2. Мелис Мураталиев, Мамлекеттик тил жана тилдер саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы: "Мамлекеттик тил жана билим берүүдөгү окутуу тили".
3. Нурлан Кудайбердиев, "Сапат" эл аралык билим берүү мекемесинин Президенти: "Сапат" эл аралык билим берүү мекемеси жана Кэмбридж системасы".
4. Гапыр Мадаминов, Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнүн отличниги, Кыргызстандын эмгек сиңирген мугалими: "Бүгүнкү билим берүүнү өнүктүрүүнүн алгылыктуу жолдору".
5. Бурул Макенбаева, KG Analytics КФнун Байкоо кеңешинин мүчөсү: "Школьные учебники в Кыргызской Республике: проблемы и решения".

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№8 (306)

30 08 2024

kyrgyztili@mail.ru

# ФИЛОСОФИЯЛЫК ЛИКБЕЗ: **АБИЙИР**



**Аскарбек БЕКБОЕВ,**
**профессор**

Абийир... Элибиз эзелтен аздектеп келген асыл сапат. Карт тарыхтын кабелтең башкатырма түйүндүү табышмактарынын түңгүюгунда катылган сырдуу дүйнөсүнө сүңгүп кирген нечендеген ойчулдар болду...

И.Кант таасын белгилегендей үстүбүздөгү жылдыздуу асман жана нарк-насил (мораль) мыйзамы тууралуу канчалык узак, тез ой чабыттаткан сайын, ошончолук таң калуу, ырахаттануу менен жан дүйнөбүз дүрбөлөңгө түшөт. Жылдыздуу асман көкмелжиген, чаалыкпаган мезгил менен канатташ чексиз мейкиндик. Аны адам акылы менен аңдап-өздөштүрүп келсе, жан дүйнөнү сугарып келген «экинчи нерсе» - нарк-насил, абийир, ар намыстын элегинен жаралат. Абийир деген эмне? Адам менен кошо алмустакта жаралып, адилет коюлган бул суроо, айрыкча азыр өзгөчө мааниге ээ. Көнүмүш нугунан ашып-ташып ээжаа бербей сел жүргөн сымал, турмуш бейбаш азоолугун карматып, белгисиз-чексиз мейкиндикке оюн салган сайын адамдан Абийир качып, нарк-насили жукарып бараткансыйт. Табиятынан келишпес Жакшылык менен Жамандык эзелки, кайчылаш таарынычын унутушуп калышкандай. Аларды таразалап, оң-тетирисин ылгап турган Абийир дабасы табылбаган дартка кабылгандай. Абийирден ал кеткен сайын, жакшылыктын шайы бошоп, жамандыктын үстөмдүгү ырбап бараткансыйт. Айтор жакшы менен жаман, дурус менен буруш тогошуп аңтарылган түшүнүктөрдүн маа- нилери алмашып калгансыйт. Кайдигерликтин жөргөмүштүн желесиндей жайылган торунан бошой албаган абийир күндүзү шамчырак менен караңгы түңгуюуктан жол издегендей. Тогуз жолдун тоомунда турган бүгүнкү турмуш ансыз да дүрбөлөңгө түшкөн жан-дүйнөнү ого бөтөр алдастатат. Акыл, ар-намыс, абийир жапайы сокур сезимдин туткунунда калгандай. Көр оокат деп чимирилген тулку-бойдун ээ бербеген эрки менен аң-сезим максатынан адашкандай, ак менен кара, жарык менен караңгы мезгил-мейкиндиктин адатта, катаал мыйзамына баш бербей калгандай. Бир караганда ушундай. Абийир ооматынан ажырагандай. Бирок, Абийир эмес. Анын жан-дүйнөнү жүгөндөгөн көндүм аңызы жаңырып жатпасын. Кирдеп-сардап кеткен эски тонун силкип таштаган турмуш жаңы түшүнүктөрдүн үрөнүн сээп жаткандыр. Жакшы ниет жарым ырыс, барга манчыркап, жокко мүнкүрбөй жакшылыктан күдөр үзбөйлү. Абийир соту али алдыда. Андыктан сөз учугу абийир, анын маңызы тууралуу улансын.

Абийир оңой менен акылэстин бутасына илинбеген татаал түшүнүк. Ал жан дүйнөнүн үнүн өзүнө багытталган монологу же акыл менен болгон диалогу. Чөйрөнүн, коомчулуктун колдоосунда калган ички дүйнөдөгү карама-каршылыкты айкалыштырып ылайыктуу калып-нукка салып, табигый-жапайы сезимди акылдын алкагынан чыгарбай турган улуу күч. Адамды адам кылып турган да абийир. Албетте, адамдын пенделиги бар. Акылдын алкагынан чыгып, сезимге алдырган учурлар болбой койбойт. Бирок мындай курч учурлардын «ысыгы суугандан» соң сезимге бийлеткен жан-дүйнө абийирдин жалындуу отуна капталат. Абийир адамдын рух жаатындагы акылы менен сезимдин түбөлүк күрөшүнүн күзгүсү. Анан калса алмустактан адамдын табиятына мүнөздүү акыл менен сезимдин мазмуну өзгөрсө да күрөшү чексиз. Кечээ эле айныгыс чындык сымал өкүм сүргөн ой бүтүмдөр бүгүн минтип түбүнөн омкорулду. Алардын ордун бирибизге жагып, бирибизге жакпаган жоболор басып келет. Муну абийирдин мазмундук диапазонунун турмуш шартына жараша объективдеши катары түшүнөлү.

Абийирдин бийиктиги - инсандын улуулугу. Анын моралдык автономияга ээ болушу. Абийирге шек келтирүү өзүн-өзүнө каршы коюуга, өзүнө-өзү кыянатчылык, чыккынчылык кылууга төтө. Ошондой эле өзүнө-өзү куштарланган, суктангандын оңой менен абийири ойгонбойт. Абийир - чексиз, анын кудурети адамдын жеке керт башы, үй-бүлөсү менен эле чектелбейт. Абийирдин мокошу нарк-насилдин жакырданышына алып келет. Арийне сезимтал адамдын абийири илбериңки келет: ал айрыкча колдоого, түшүнүүгө муктаж. Мындай адамга абайлаган аяр мамиле зарыл. Ушундан улам өзүнүн, абийирин кордобоо, тескерисинче аны күтө билүү - демократиянын түп талабы. Өз абийиринин алдында жооп берүү, өзгөлөрдүн күнөөсүн аңдоодон алда-канча татаал. Абийир - жан-дүйнөнүн өзү аркылуу тазарышы, арууланышы. Кептин ыңгайына жараша З.Фрейдге кайрыла кетсек. Адам психикасы үч аймактан турат: «Ал», «Мен», «Жогорку - Мен». Биринчи аймак түңгүюктагы бейаң (бессознательное) кубулушу; экинчиси - сырт дүйнө менен бейаңдын ортосундагы аң-сезим дүйнөсү; үчүнчүсү, «Жогорку -Мен» абийир кай бир деңгээлде моралдык цензуранын милдетин аткарат. Ошентип пенденин каалоо-мүдөөсүн канааттандырууга, ырахаттанууга болгон умтулуусу менен чындыктын, аң-сезимдин айкалышуусун Абийир камсыз кылат. Бири-бирине карама-каршы сүйүү менен жек көрүүнүн, оройлук менен боорукерликтин алкагы да абийирдин мүмкүнчүлүгүнө жараша. Ошону менен бирге бейаңга негизделген жапайы сезимдин (инстинкттин) Абийирге таасирин тануута болбойт. Бирок жапайы сезимдин убактылуу жеңиши түбөлүктүү абийир сотунан кутула албайт. Өз энесин өлтүргөндөн кийин, Нерон жан-дүйнөсүн кемирген сары убайымга туш болот: аны ар дайым энесинин көлөкөсү, Фуриблер (змея женщина) от менен кубалап жүрүшөт. Кыйыр иш кырк жылда. Эртедир кечтир абийир соту болбой койбойт.

Дартка чалдыккан оорулуу абийир жоопко тартылгандан кийин же жоопко тарткандан азап. Өз күнөөсүн өзгөлөрдөн көрүп, өзүнөн башканын баарын абийирсиз эсептегендер бар. Актануунун жеңил - жеңсиз жолу учурга, заманга шылтай салуу, абийирсиз бийлик өзүнө өзү доо кетирет. Бирок, зили кара өзгөйлүктүн абийирди жеңүүгө кудурети жетпейт. Албетте, ар кимдин абийири ар кандай: жалган абийир, псевдоабийир же абийирсиздик бийик моралдык кодекске коошпойт. Кошундусу жок таза, абсолюттуу идеал абийир да болбойт. Ошентсе да жалпы нарк-насилдин алкагында таза абийир күткөн инсандар жок эмес.

Эмесе, чыгаан ойчулдардын абийир тууралуу пикирлерине астей-дил саякат жасап көрсөк.

Ойчулдардын ой чабытынан ой сүртүмдөр...

## Конфуций

Бүттү бардыгы!
Өз айыбын сезгенде,
Өзүн-өзү кудуреттүү күнөөлөгөн,
Мен жолуктурбадым эч кимди.
Ким чыныгы мээримдүү, ырайымдуу болсо, эр жүрөк,
Ким эр жүрөк болсо, ал чыныгы мээр-ырайымдуу.
Бирок болбойт, пас адамдын ырайымдуу болушу.

## Демокрит

Өзгөлөрдөн эле эмес өзүңдөн да, уялганың эч кимге белгисиз болуп калабы же ал жөнүндө бардыгы билип калабы дебей жамандыкка барба. Бирок өзүңдөн өзүң уялганың жөн.

Өз кемчилигин унуткандык уятсыздыкты жаратат.

## Сократ

Өлүмдөн кутулуу анчалык кыйын эмес, ал эми жаманаттыдан кутулуу өтө эле кыйын ал өлүмдөн катуу.

Эгерде силер адамдарды өлтүрүү аркылуу силердин туура эмес турмушуңарды алардын жектөөсүнөн тыйып салабыз десеңер, жаңылышасыңар. Өзүн-өзү коргоонун мындай жолу ишеничтүү да эмес, жакшы да эмес, мына силерге эң жакшы да, өтө жеңил да жол: бирөөнүн оозун жапканга, өзүңөр мүмкүн болушунча мыкты жашоого аракеттенгиле. Менин болгон аракетим, силердин ар бириңерди жашыңарды да, карыңарды да эң алды менен жана бардыгынан артыкча болушу үчүн кам көрүүгө ишендирип келем: мен айтам, жакшылык акчадан жаралбайт, тескерисинче, жеке адамдардын, ошондой эле коомдун, турмушундагы акча, башка да бардык ийгиликтер - жакшылыктан.

Ал тургай, көп жолу өлүү мүмкүнчүлүгү болсо да күндө башкача жашай албайм.

## Сенека

Мен кимдир бирөөнүн эмес, эң алды менен жеке өзүмдүн эркиндигим да, өз күнөөм менен таза абийиримди бийик тутууга жана жакшылык кылууга умтулуп келдим.

Мен өзүмө жогорку деңгээлге жетүүнү максат койбойм, тек гана жаман адамдардан өйдөрөөк болууну каалайм. Мен күн сайын кай-бир кемчиликтеримен арылганыма канааттанам жана өзүмдүн жаңылыштыктарым үчүн өзүмдү айыптайм.

## Цицерон

Мен үчүн менин абийирим бардыгынын сөзүнөн артык турат.

Эгерим, эч кандай жараткандын акыл-эсине таянбай таразалоого жөндөмдүү адам абийири болбосо бардыгы жок болмок.

## Юфенал

Күнөкөр үчүн биринчи жаза - анын өз абийиринин алдында актана албагандыгында.

## Ларошфуко

Жан-дүйнөнүн кемчиликтери тулку бойдун жаратына окшош: кандай гана аракеттенип дарылабасын алардын орду (тагы) калат жана кайсыл убакта гана болбосун алар кайрадан ачылышы мүмкүн.

Берилген кеңешти колдоно билүү үчүн өзүнө-өзү жакшы кеңеш берүүдөн кем эмес акыл талап кылынат.

Эгерде айланадагыларга биздин аракетибиздин эмне үчүн болгондугу белгилүү болсо, биз өзүбүздүн эң жакшы жүрүм-турумубуз үчүн баймабай уялмакпыз.

Бир адамдын жүрөгүнөн түнөк алган карама-каршы сезимдерди ойлоп табууга эч кандай кыялдын кудурети жеткен эмес.

Өзүнүн жаңылыштыктарын моюнга алууга эрки жеткен гана топук кыла алат.

## Паскаль

Татыктуу ой жүгүртүүгө аракеттенели: мында - нарк-насилдин негизи ой аркылуу Ааламды камтып турат.

Акыл-эс бир дем менен жеткен бийиктерде жан-дүйнө кепке кармалбайт: ал ошол тактыга түбөлүк көтөрүлгөндөй эмес көз ирмемге гана көтөрүлөт.

Адам периште да, айбан да эмес, анын бактысыздыгы канчалык периштедей болууга ыктаган сайын ошончолук айбанга айлангандыгында.

Качан бардыгы нарк-насилдин жолу менен баратканда, эч ким аны көрбөйт. Качан гана кимдир бирөө токтоп кыймылсыз абалга келгенде, башкалардын жүгүргөнүн байкайбыз.

Адам улуулугунун улуктугу өзүнүн пастыгын аңдай алгандыгында. Ошентип, адам өзүнүн пастыгын сезет, түшүнөт, ошонусу менен ал улуу.

Адам жан-дүйнөсү тууралуу биздин түшүнүгүбүз өтө бийик, ушундан улам биз башка бирөөнүн жан-дүйнөсүндө бизди жек көрмө сезимдин болушун көтөрө албайбыз.

Эгерде адам өзүн мактаса - жаман көрөм, жамандаса - мактайм жана ал өзүнүн кандай таанып билүүгө болбой турган укмуш экендигин билмейинче ага каршы боло берем.

Адам өзү эмнеге арзый турганын билсин да. Ал өзүн сүйсүн, анткени ал жакшылыкка жөндөмдүү, бирок анын табиятынан орун алган төмөнүнө боорукердик болбосун.

Калптын айыбын ачар, адам абийирин тазалайт.

## Лабрюйер

Тажрыйба бизге таасындап турат: өзүнө-өзү ээ болбой жана өзүн аягандык менен өзгөлөрдү боорго тебүү - бир эле күнөнүн эки тарабы.

Жан-дүйнөнүн жакырдыгынан эмес, жалкоолуктан улам да башкалардын бизди башкаруусуна мүмкүндүк беребиз.

Эл менен жакындашууга жана аларга жагууга акыл гана эмес жүрөк жардам берет.

Өз күнөөсүн моюнга алуу кыйын, биз аны жашырууга жана башка бирөөгө оодарууга аракеттенебиз: ушундан улам биз рухий насааттыдан көрө сыйынууну артык көрөбүз.

Башка бактысыздыктардын алдында бактылуу болуу уят.

Өз күнөөсүн сезе билип, ал үчүн өзүн айыптаган адам гана чыныгы бактылуу.

Биз өтө аз сүйлөдүм деп сейрек өкүнөбүз, бирок өтө көп сүйлөп койдум деп көбүрөөк санаа чегебиз: бардыгы билип тарпы чыккан бирок эч ким колдонбогон чындык.

Эгерде адам өзү үчүн кызарганды билгенде жабылуу бойдон калган, ал тургай ачык жана бардыгына белгилүү кылмыштардын канчасы болбой калат эле.

## Локк

... Диний ишенимдин эркиндиги ар бир адамдын табигый укугу.

## Лихтенберг

Артыкча жан-дүйнөнүн бейкапарлыгынан, өз пикиринин таптакыр жоктугунан башка эч ким бир нерсеге өбөлгө боло албайт.

*(Уландысы 14-бетте)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№8 (306)

30 08 2024

kyrgyztili@mail.ru

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№8 (306)
30 08 2024
kyrgyztili@mail.ru

# «ЖОЛБОРС ТЕРИСИН КИЙГЕН БААТЫР»



**Салижан ЖИГИТОВ**

*Адабиятчылардын алтаны, көркөм сөздүн үлкөн зергери Салижан Жигитов кайсы бир учурда мурда-кийин жарыялабай калган макалалары топтолгон папкесин жакын шакирттеринин бири – белгилүү илимпоз-филолог, акын Абдил Шерматовго аманат кылып табыштап кеткен экен. Классик-адабиятчынын өз колу менен жазылган ошол макалаларды жакында Кыргыз-түрк Манас университетинин окумуштуусу, доцент Таалайбек Абдиев компютерге салып, мөөртү келсе келечекте басылып калчу томдоруна кирип калсын деген ниетте даярдап, камдап койду. Мындан ары Салижан Жигитовдун жарыяланбаган мурастарынын айрым бөлүктөрүн окурман коомчулугуна сунуш кылып турмакчыбыз.*

*Эсенбай Нурушев*

А.Осмоновдун адабият майданындагы эң биринчи олуттуу, бараандуу жеңиши «Жолборс терисин кийген баатырдын» котормосу болду.«Жазуучулук баянымдагы» маалыматтарга караганда, атактуу грузин дастанын которууга Алыкул ал чыгарманы аябай жакшы көрүп калгандан, адабий эрдик жасасам деп, акындык күчүмдү сынасам деп дымаксыгандан, жекече махабат күйүтүн эмгек менен баскысы келгенден киришкен экен.

Албетте, «Жолборс терисин кийген баатырды» кыргызчалатууга Осмоновду жалаң гана ички муктаждыктары эмес, тышкы шарт-жагдайлар да мажбурлаган. Конкреттүү айтсак, 30-жылдардын аяк ченинде Шота Руставелинин керемет поэмасы жаралганга сегиз кылым толушу союздук масштабда өзгөчө шаңдуу белгиленген. Бул датанын дүңгүрөтө майрамдалышына тике түрдө «Жолборс терисин кийген баатырдын» эскирбес поэтикалык артыкчылыктары негиз берсе, кыйыр түрдө грузин кандуу большевиктин ошол маалда улуу өлкөбүзгө да азалуу башчы болуп тургандыгы таасир эткен. Юбилейлик атмосферада айтылуу дастан биздин мамлекеттеги орусчадан башка тилдерге да которула баштаган. Боордош калктардын айрым бир акындары өз тилинде грузин шедеврин сүйлөтүү машакатын улуттук ар-намыстын иши деп, эң актуалдуу саясий-маданий маселе деп туюнган. Арийне, ушундай патриоттордун, интернационалисттердин бири биздин Алыкул болгон.

«Жолборс терисин кийген баатырдын» кыргызча биринчи басылышын жолдогон кириш сөздө анын үч жыл ичинде, ал эми «Жазуучулук баянымда» он бир айда (1938-жылдын майы – 1939-жылдын апрели) которулганы айтылат. Аталган эки документте тең автор өзү грузин поэмасын кыргызчалап жатканда көбүнчө анын орусча сапма-сап (подстрочный) котормосуна таянганын, зарыл болгондо көркөм таржымаларына да кайрылганын белгилейт. Руставелинин өлбөс чыгармасы түп нускасында баштан-аяк «шаири» деген ыр формасында жазылган. Шаири – чубалжыган узун төрт саптан куралган, саптарынын баары аяк жагынан туташ (аааа схемасында) уйкашкан ыр шиңгили (строфа). Поэманын көпчүлүк орусча варианттарында шаири өлчөмүн куду өзүнө окшоштуруп (төрт сабын тең чубалжытып, тегиз уйкаштырып) берүүгө аракеттер жасалган. Шаирини дал өзү шекилдентип кыргызча моделдегенде 16 (же 14) муундан куралган, акыркы муундары жылчыксыз уйкашкан төрт саптык келип чыгышы ыктымал. Бирок мындай ыр өлчөмү аябай өгөй-өөн учурайт, оозго оңой эп келбейт, жарыя же купуя окуп жибергенде, бир узун сап сегиз (жети) муундуу эки сапка ырсызден бөлүнүп кетет. Айтор, ашкан көлөмдүү грузин дастанын 14-16 муундуу, жылчыксыз уйкаштуу төрт саптыктар менен кыргызчалатуу теориялык планда мүмкүн болсо да, практикалык жактан өтө татаал эле.

Баса, Алыкул Осмонов «Жолборс терисин кийген баатыр» поэмасын эне тилинде сүйлөтүү үчүн адеп жасаган аракетинде ал чыгарманын ритмикалык түзүлүшүн кыргызча туюндурууга жан үрөгөн. Асыресе ал атактуу дастандын юбилейи өтүп жаткан кезде андан чакан бир фрагментти таржымалап, «КК» газетасынын 1937-жылкы 26-декабрдагы санында жарыялаган. Ал тексттен бир үзүндү келтирели: Аравияда Ростеван деген тагдырым сүйгөн хан болду, Урматы улуу, колу да ачык, башкара билген көп колду. Жүзү жаркын, маңдайы нур, кең турмушка чебер жан, Өзү да эр, теңдешсиз эр, андай чечен болорбу. Бир кызынан анын башка жок эле арття туягы Күндөй сулуу, күндү уялтат бетиндеги нурлары. Карагандын жүрөк отун тартып алат шооласы Миллион тилде макталган эр, болсо гана ыраазы. Анын аты Тинатин кыз – билгү керек ар бир жан, Бой жеткенде көктө күндү өзү сүйгөн, жаратткан. Сүрдүү гана хан олтуруп, вазирлерин чакыртып, Жумшак сүйлөп, таттуу тилден мындай сөздү тараткан.



Байкалып калгандар, көлөмдүү поэманын сюжети ушундай ыр өлчөмдөрү (бирде 17-18, бирде 16-15 саптан турган строфалар) менен баяндалып отурса, кыргыз китепкөйү эч нерсе да түшүнө алмак эмес, бат эле жадап да кетмек. Ушундай жагдайдан улам Осмонов «Жолборс терисин кийген баатырдын» түп нускасындагы жана орусчаларындагы чубалжыган ыр түзүлүшүн туурагандан баш тартып, кыргызча көнүмүш ыр өлчөмүн тандап алган, тактап айтканда, шаиринин ордуна 11-12 муундуу, аттам (аабаба схемасындагы) уйкаштуу алты саптыктарды иштеткен. Төрт саптыктардын алты саптыктарга жанып кетиши поэманын кыргызчасынын жалпы көлөмүн бир кыйла чоңойтуп жиберген.

Экинчиден, Осмонов грузин поэмасынын ар бир строфасы камтып турган мазмунду төкпөй-чачпай кыргызчалап жүрүп отурган эмес, тек анын сюжеттик сызыктарын, идеялык логикасын, образдык мүнөздөмөлөрүн өз акындык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша кайрадан эркин баяндап берген. «Котормо эң эркин которулду,- деген Алыкул аталган кириш сөздө. – Ачык айтканда, көп жерлеринде маанисин алып туруп, өзүмчө кетип калган учурлар бар».1 1 Руставели Ш. Жолборс терисин кийген баатыр. – Фрунзе – Казан, 1940, - 3-4-б.

Руставели поэмасын Осмонов жан-дили менен берилип, бүткүл акындык мүмкүнчүлүктөрүн жана тажрыйбасын, жаштык жалынын аянбай сарп кылып, чыгармачылык кыялын эркинче чабыттатып коё берип, өзгөчө эргүү абалында которгон. «Поэмадан ажырай албайм, көп убактарда таң атканга чейин отурам. Окуйм, котором, таң калам, кубанам! Дүйнөдө мен гана бактылуумун деп ойлойм! – деп эскерген акын «Жазуучулук баянымда». – Себеби анын кызыгы ошондой болду».

Чынында да «Жолборс терисин кийген баатыр» дастанынын ар кандай маданий даражадагы окурмандын ыкыласын тартып ала турган кызыктуу окуялык составы бар. Анын сюжети, кыскача баян этип бергенде, төмөнкүдөй.

Аравиянын карып калган падышасы Ростеван мураскы уулу жогунан жалгыз кызы Тинатинди такка отургузат. Нары акылдуу, нары сулуу падыша кызы рыцарлык (ашкере жигитчилик) жайы бар кол башчы, ордо кишиси Автандилге пейли түшүп, тымызын ынтызарланып жүргөн болот. Бир сапар Ростеван менен Автандил кайберен уусунда жүрүп бир булактын боюнда жолборс кебин кийип, өтө катуу муң-кайгыга чөгүп отурган бир баатырды көрүшөт. Бу баатыр менен берки экөөнүн сүйлөшкүсү келет. Бирок жолборс кепчен эр үн катпаган бойдон жөнөп берип, дайынын таптырбай кетет. Буга Ростеван хан аябай капаланат. Ошондо Тинатин алиги табышмактуу баатырдын дарегин табуу озуйпасын өзү жакшы көрүп жүргөн жигити Автандилге тапшырат. Автандил падыша кыздын буйругун аткарууга жан- дили менен макулдугун берет. Узак убакыт карытып, далай-далай жер кезип, Автандил акыры издеген баатырды табат. Тариэл Автандилге өзүнүн кайгылуу жөн-жайын айтып берет. Көрсө, ал падыша тукумунан чыккан асылзаада, Индистан падышасы Парсадандын амирбашы (аскер башчысы, адмиралы) Тариэл деген эр экен. Тариэл ай-күндөй жаркын падыша кызы Нестан-Дарежанга ышкысы түшүп, ашыглык отуна күйүп жүргөндө, Парсадан кызын Хорезм шаазаадасына күйөөгө бермек болот, бөлөк-бөтөн элдин шаазаадасын өз тактысына мурасчы кылам деп чечет. А чынында тактынын накта мурасчысы Тариэл болмок эле. Нестан-Дарежан сүйгөнү Тариэлге Хорезм шаазаадасын тындым кылып, падыша тактысына отур деп кеңеш берет. Нестан-Дарежандын козголоңчул маанайы бар Тариэлге көңүлү барын билип алган Парсадан кызын катуу түрөштөп, эч кимге билдирбей Индистандан тышкары алып чыгып кетет. Тариэл арзып сүйгөн жарын издеп далбас урат, бирок таба албайт. Жакшы көргөн адамын тапкандан биротоло күдөр үзгөн Тариэл өз өлкөсүнөн оолак кетип, жападан жалгыз күн көрө баштайт, ээн жердин үңкүрүн сыйынт кылат. Автандил Тариэл менен достошот, ага кайрат айтып, үмүт тартуулайт; Нестан-Дарежандын дарегин көпкө издеп, акыры табат. Көрсө, падыша кызы Кажети деген дегеле кол жеткис чепке же сепилге камалып салынган экен. Тариэл менен Автандил Придон аттуу дагы бир дос-тууган таап, анан үчөөлөп Кажети сепилине чабуул коёт, сепилди алып, Нестан-Дарежанды бошотот, ар бири өз эл-жерине кайтат. Тариэл Нестанга, Автандил Тинатинге үйлөнүп, ар кими өз падышачылыгын адилет, калыс сурап, элин жыргалга маарытат. Демек, «Жолборс терисин кийген баатыр» дастанынын мазмуну эки (инди жана арап) аңгемеден, ошондой эле жолду ката кошулган көмөкчү эпизоддордон (Придон падышанын таржымалы, көпөстөр өлкөсү Гуланшоронун жөн-жайы ж.б.) куралат.

Алыкул Осмонов өз котормосунда атактуу грузин дастанынын сюжеттик сызыктарын издеп танбай ээрчип отурган, түп нускадагы (орусча тексттердеги) каармандардын үстүрт тартылган портреттерин, психологиялык мүнөздөмөлөрүн, кылган-этгендерин кескин өзгөртүп, башкачалап ийгенге барган эмес. Бирок биздин акын поэманын ар бир строфасын кайталап көчүргөндөн, ар бир главасын өз алкагында гана кармагандан да качкан. Ошон үчүн «Жолборс терисин кийген баатырдын» орусча сөзмө-сөз котормосунда 73 глава бар болсо2, кыргызчасында 55 глава гана бар3. Алыкул Осмонов оригиналдагы кээ бир главаларды бири бирине кошуп, кээ бир главалардан бир-эки глава жасап жиберген. Ал ошондой эле поэмадагы кээ бир топонимдерди (жер аттарын), киши ысымдарын (маселен, Фатма дегенди Батма деп) кыргызчалаштырып койгон. Ал эми айрым строфаларга келгенде котормочу «ээнбаштык» кылып, аларда айтылган поэтикалык ойлорду эркин импровизациялап туюндура берген. Бирок мындай өз кыялынан чыгарып кошмойлор дастандагы сюжеттик өзөккө эмес, лирикалык чегинүүлөргө жана акындык ой жүгүртүүлөргө көбүрөөк тиешелүү.

*(Уландысы 11-бетте)*

# БАЙЫРКЫ ЖУРТ – ЭРГЕНЕКОН



**Дархан Кыдырали,**
**Казак улуттук илимдер академиясынын академиги, Кыргыз улуттук илимдер академиясынын ардактуу академиги**

**Казакчадан кыргызчалаткан Түркология доктору, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин доцент милдетин аткаруучу Негизбек Шабданалиев**

Өткөндүн өрнөгү – бүгүнкүнүн баа жеткис байлыгы. Тарых – адамзаттын чындыкка айланган тагдыры. Жеткенин баамдап, бар нерсесин баалагандар качан болсо да жолунан жаңылбайт. Тарыхтан сабак алгандар өз тагдырын өздөрү аныктай алат. Француз тарыхчысы Ф. Бродель айткандай, тарых инсандарды жараткан сыяктуу эле, тарыхты да инсандар жаратат.

Алаш арзуусун даңазалаган баатыр бабаларыбыз тектүү инсандардын тегерегине топтолушуп, күчтүү мамлекеттерди курушкан. Теңирден жаралып, Көктөн кут алган, дүйнөнүн төрт бурчун тиреген кудуреттүү кагандар дүйнөгө сөзүн угузган. Улутка багыт берген, калкка куттуу конуш издеген. Алар ар мезгилде «Өтүкен», «Жер уюк (бейиш)», «Эргенекон», «Кызыл алма», «Жийделүү байсын» деген сыяктуу түрдүү атоолор менен аталса да, булардын бардыгынын түпкү тамыры болгон Бенгү эл – Түбөлүк мамлекет идеясы менен алышып келишкен. Муну далилдей турган жазылып калган санжыралык маалыматтын бирөөсү – Эргенекон тууралуу баян.

Байыркы замандан бизге жеткен уламышка ылайык, Огуз кагандын тукумунан Эл хандын журту баскынчылыкка учурап, эли толук кырылып, кыргындан Киян менен Нүкүз гана аман кутулган экен. Жапайы койлордун артынан жүрүп отурган алар душмандары таба албай турган бийик ашуулардан өтүп, жан-жагы чеп сыяктуу бийик тоолор менен курчалган суусу мол, чытырман токойлуу ажайып аймак таап, ошол жакта жашап калышат. «Эргенекон» деп аталган ошол конушта 400 жыл өмүр сүрүп, өсүп-өнүгөт, көбөйөт, сансыз малы болот. Ата-бабалары басып өткөн 14 мурунку жолдор да унутулат.

Ошондо көсөм Бөртечине: «Оо, касиеттүү көк бөрүнүн эр жүрөк уулдары, сөзүмө кулак салгыла, биздин ата-бабаларыбыз эзелтеден ушул Эргенекон жерин мекендеп келген, бул жер бизге куттуу болду, ошентсе да, өзүбүздүн ата-бабаларыбыз жаткан ата-журтту унутпайлы, барып табгачтардан жерибизди кайтарып алалы» деп калкка кайрылат (Караңыз: Келімбетов, 2005, 332-б).

Темир уста март айында тоонун темир менен курчалган бөлүгүн эритип, бөрүнүн жол көрсөтүүсү менен тоодон түшүшөт. Ошентип, алар душманын жеңип, мекенин бошотушат. Ошондон кийин Эргенекондон чыккан күнүн жыл сайын март айында майрамдай башташат. Уламышта ушундай деп айтылат.

Гундардын талкаланып, көк түрктөрдүн тарых сахнасына чыгуусу жана Ашина династиясы менен байланыштырылган бул уламыш түрк окумуштуусу Зия Гөкалптын 1913-жылы жазган «Бөртечине – карышкырдын аты, Эргенекон – мекендин аты» деген белгилүү ырынан кийин кайра жанданды. Түркиядагы профессорлор Фуад Көпрүлү, Заки Валиди Тоган, Бахаэддин Өгел, Дурсун Йылдырым сыяктуу окумуштуулар бул тууралуу атайын изилдөөлөрдү жарыялашкан. Арийне, ал изилдөөлөр негизинен Рашид-ад-дин менен Абулгази Бахадур хандын жазмаларына негизделген эле. Рашид-ад-дин Хамаданинин «Жамиат-таварих» жана Абулгази Бахадур хандын «Шажара-йи түрк» (Әбілғазы, 1991, 208-б) жана ушуга окшогон XIII - XVII кылымдар арасында жазылган түрдүү чыгармаларда уламыш «Эргенекон дастаны» деп атала баштаган болсо керек (Рашид-ад-дин, 1952,-б.).

Илхан сарайында жазылгандыктан монгол улутунун калыптануу мезгилиндеги расмий тарыхы сыяктуу кабылдоого боло турган Рашид-ад-диндин фундаменталдуу эмгегинде Чыңгыз хандын 22-атасы Бөртечиненин Эргенекондон чыккандыгы жөнүндө айтылган. Ушул окуя тууралуу XV-XVI кылымдарда жазылган «Шажаратуль атрак», «Таварих-и гузиде-и нусратнаме», «Абдулланаме» сыяктуу китептерде баяндалган. Андыктан, көптөгөн изилдөөчүлөр аны түрк-монгол элинин орток чыгармасы катары кабылдайт.

Ушул жагынан түрк уламышындагы бөрү менен Бөртечине ортосундагы окшоштукка көңүл бургубуз келет. Ошону менен бирге Ашина династиясы менен көк түрктөргө ураан болгон бөрү менен тоо теке тамгасынын Боржигин (Бөрүтегин) династиясынын Бөртечине менен Маралдан тараганы тууралуу уламышка шайкештиги да кокусунан эмес деп ойлойбуз. Бул жерде көңүл бура турган бир жагдай, Эргенекондо баш калкалагандар – Эл хандын урпактары. Ал эми Эл хан Огуз кагандан тарайт. Огуз каган болсо, түрк элдеринин байыркы тарыхындагы жарым-жартылай уламышка айланган түпкү атасы экени белгилүү. Негизи, түпкү аталары бийик Алтайдан тарап, эсте жок эзелки замандардан бери коңшулаш, канатташ бирге өмүр сүрүп келе жаткан уруулардын тарыхы да бирдей болгондугу анык. Буга



географиялык жактан жакын жайгашуу менен бирдиктүү мейкиндик, окшош түшүнүктөр менен турмуш-тиричилик гана эмес, булар менен бирге уруулардын келип чыгуу тектерине байланыштуу түрдүү уламыш менен санжыралык маалыматтар, табына турган табулар менен пирлер, орток баалуулуктар сыяктуу бириктире турган көптөгөн факторлор таасир этсе керек.

«Эргенекон» дастанындагы мотивдер Рашид-ад-динден мурун көк түрктөрдө да болгон. Мисалы, VII-IX кылымдагы «Чжоу-шу», «Бей-шу», «Тан-шу» жылнаамалары (Бичурин, 1950, Т. 1. 16-б) менен IX кылымдагы Тибет булактарында көк түрк мезгилине байланыштуу ушуга окшош уламыш айтылат. Ошондой эле, Көл Тигин, Билге каган жана Тонукук жазма эстеликтеринде «тоодогулар калаага түштү... Алды менен 70 киши, чогулуп отуруп 700 киши болуптур» деген саптар да Ашина династиясынын тоодон келгенин көрсөтөт. Бирунинин чыгармаларында да тоодогу үңкүрдөн чыккан түрк аскеринин мамлекет куруусу жөнүндө баяндалат.

Уламышка негиз болгон Эргенекондун орду менен этимологиясы жөнүндө көп эле жазылган. Айрым изилдөөчүлөр биринчи кездешкен булактагы «тоонун тик беттери» деген сөздөргө таянып, бул сөздүн түп-тамырын монгол тилине алып барып такашкан.

Эргенекон сөзүнүн варианттары монгол тилинде гана эмес, түрк тилинде да бар экени белгилүү. Мисалы, казак жана өзбек тилдеринде ергенек/ергәнәк сөзү «короонун дарбазасы, боз үйдүн эшиги» деген мааниде колдонулат. Буга байланыштуу Койшыгара Салгараулы «Улуу каганат» аттуу китебинде мындай жаңы божомолду айтат: «Абулгази «Эргенеконду» – эргене – «тоонун кашаты», кон – «өткүр» деген маанини берет деп түшүндүрөт. Уламыштын маалыматы боюнча, «Эргенекон» – төрт жагын бирдей жалаң тоо аскалары курчаган түздүккө берилген аталыш. Менимче, бул «эргенек-көң» деген сөз. Атоонун айтылышындагы эки «к» тыбышынын кошулуусунун натыйжасында «эргене-көң» болуп кеткен сыяктуу. Эргенек – эшиктин төрт бурчтуу кашеги. Ошондо «Эргенек-көңдүн» түшүнүктүк мааниси төрт жагын түгөл курчаган «Эргенек-конуш» дегенди берип турган сыяктуу» (Салғараұлы, 2008, 552-б).

Чынында, уламышта жан-жагын тоо капчыгайлары курчаган бул аймактын суусу өзгөчө тунук, чөбү тоюмдуу экени айтылат. Аты «эргүнэкун», «күн» – эңиштеги өзүнчө капчыгай, эргүнэ – тик деген маани берет, башкача айтканда, «тик капчыгай» деген сөз болуусу ыктымал дегендер да бар. Биздин оюбузча, Эргенекон – «эргенек» жана «кон» деген кошмок сөздөн турат да, «жан-жагы тик капчыгайлар менен, бийик тоолор менен чеп-короо сыяктуу курчалган конуш» деген маанини туюндурат. Изилдөөчүлөрдүн арасында табышмактуу жер – куттуу конуштун кайда болуусу мүмкүн экендиги тууралуу да көп эле пикир айтылган.

Алардын арасында Эргенеконду азыркы Монголия аймагынан издеген изилдөөчүлөр көпчүлүктү түзөт. Мисалы, И. Шмидт аны Куку-Нордогу (азыркы Кытайдын Цинхай аймагы) Гүнэрги аймагы менен бир деп эсептейт. Г. Миллер менен Н. Бичурин Эргенеконду Алтай тоолорунда издөө дурус деп эсептешкен. Ал эми О. М. Ковалевский менен П. Кафаров Аргун өрөөнүндө, Фишер Аргун өрөөнүнүн коктуларынын биринде экендигин айтып чыгышкан (Банзаров, 1997, 240-б). Д. Банзаров Эргенеконду Кытайдагы белгилүү чептин жанында жайгашкан Ички Монголиядагы тоо кыркаларында деп белгилейт (Банзаров, 1997, 240-б) . Монголиялык тарыхчы Х. Пэрлээ Эргенеконду Чоң Хинган тоолорундагы Хайлар өзөнүнүн нугунан издеген (Пэрлээ, 1969, 156) , россиялык түрколог окумуштуу Л. Р. Кызласов Эргенеконду Аргун өзөнүнүн коктусунда экендигин жазган (Кызласов, 1975,-б), дагы бир орус тарыхчысы Э. И. Кычанов болсо Чоң Хинган тоолору жана Аргун өрөөнү менен байланыштырат (Кычанов, 170-177; 175). Ал эми монгол окумуштуусу Л. Билэгт Рашид-ад-диндин эмгегиндеги Онон, Керулен, Бурхан-Халдун, Далан-Балжуд ж.б.у.с. топонимдер менен бирге Аргун аталышы да (Билэгт, 2007, 222-б) кездешкендиктен, Эргенеконду Монголиянын түндүк чек арасына жакын жайгашкан Аргун кыркаларынан издөө керектигин айтат. Эргенекон – Аргун деген сөздөр өз ара окшош болгону менен «Эргенекон» дастаны алгач кагаз бетине түшүрүлгөн Рашид-ад-диндин эмгегинде аталган топонимдин башкача жазылышы бул пикирди туңгуюкка такайт. Экинчиден, Аргун тоосунун монголдор тарабынан ыйык деп эсептелгендиги тууралуу маалымат да дээрлик жокко эсе. Тескерисинче, Алтай тоолорунун түрктөр тарабынан да, башка көчмөн уруулар тарабынан да касиеттүү деп эсептелгендиги тууралуу маалыматтар көптөгөн жазма булактарда ташка тамга баскандай анык кездешет. Мисалы, көк түрктөрдүн Алтай тоолорундагы «ата-бабаларынын үңкүрлөрү» жайгашкан жерде жыл сайын диний жөрөлгөлөрдү өткөргөндүгү жазылган. Көптөгөн изилдөөчүлөр куттуу конуш катары Ашина династиясы пайда болгон Алтай тоолорунун түштүк-батыш жагындагы аймакты көрсөтүүгө аракет кылышкан. Ал эми Алтай тоолорунун бул бети негизинен адырлардан турат, башка беткейлерине караганда анын кичирээк жана топурагынын да түшүмдүү эместиги белгилүү. Алтай тоолорунун бул бетинде табигый жана географиялык түзүлүшүнө карай дастанда сүрөттөлгөндөй тик аскалары бар кокту кездешпейт.

*(Уландысы 14-бетте)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№8
(306)

30
08
2024

kyrgyztili@mail.ru

# МЕВЛАНА ЖЕЛАЛЕДДИН РУМИ

(1207-1273)



## *Арзуу жана азаттык*

*Азат жаша, жаның кымбат алтындан,
Ач көздөрдү асат дүнүйө алкымдан!*

*Эгер көлдөн кумурага куйса агым,
Эки уурттам суу толтурат курсагын.*

*Көз жүгүртүп чексиздикке узактан,
Куткар жанды кара ниет тузактан!*

*Тыткан болсо сүйүү кимдин күрмөсүн,
Таза деп бил, демек анын дүйнөсүн!*

*Ким жашаса махабатка карап суз,
Куш сыяктуу учалбайт ал канатсыз!*

*Анык сүйүү – Жаратканга жанашуу,
А калганы уруш-жаңжал, талашуу!*

*Көңүл – күзгү, көз уялткан бетинен,
Көрсөң болот көп нерсени четинен.*

*Каптап бирок канча жылдык "кара чаң",
Кирдеп турат күзгүңдү сен карасаң!*

*Тазаланса эгер күзгү чаңынан,
Туш тарапка нур чачырайт жаныңан!*

## *Жүзүм*

*Төрт кишиге көчө бойлоп басышкан,
Кимдир бирөө акча берди капыстан.*

*Колго тийген оңой олжо курусун,
Кагыштырды тигил менен мунусун…*

*Айтат перси: «Бул акчага жанагы,
Абдан ширин ангур сатып алалы».*

*Анда араб кабыл албай кеңешти:
«Аныңды кой, эйнаб жеймин»,- дебеспи.*

*Түрк кызаңдап сөз талашты: «Булардан
жүзүм сонун, жеп чыгалы кумардан!»*

*Грек турду: «Мунун баары сандырак,
Стафиль жейм, моокумуңду кандырат!»*

*Айтор, алар бир пикирге келалбай,
Араздашты айткандарын жей албай.*

*Анан муштум «чоң кызматка» жарады,
Акмактардын оозу-мурду канады!*

*Кабылдашса окшош ойду тескери,
Кантмек эле, оойт албетте, эстери…*

*Ал анткени "жүзүм жейм" деп дилинде,
Айткан болчу ар ким эне тилинде.*

## *Дүлөй*

*Көсөм келип, бир дүлөйгө кеп айтты:
«Коңшуң ооруп, үйдө жатат»,- деп айтты.*

*Кереӊ башта такылдатты таңдайын:
«Кулак укпайт, кантип сурайм ал-жайын?!»*

*Бирок кайра: «Уят укса кимде-ким,
Барам, - деди – бул коңшулук милдетим!*

*Эшитпесем мейли, тайбай күчүмөн,
Эринине карап, сөзүн түшүнөм!»*

*«Ал-абалың кандай?» десем оболу,
Ал жооп берет: «Шүгүр, маанай жогору!»*

*Анда: «Жакшы! Эмне жедиң?» дегенде,
Ал мындай дейт: «Ботко арбын жегенге!»*

*«Аш болсун!» деп, андан ары билгени,
Аста сурайм: «Дарыгериң ким деги?!*

*Ал ошондо атын атайт табыптын,
А мен айтам: «Эң мыктысын табыпсың!»*

*Дароо минтип кошумчалайм артынан:
«Демек сени, айыктырат дартыңан!»*

*Ошентип ал суроо-жообун жаттады,
Оорулуунун босогосун аттады:*

*«Оо, кошуна, ал-жай кандай, дуруспу?
Оору десе, таштап келдим жумушту.*

*«Абал начар, өлүп барам кыйналып!»
«Абдан жакшы!» - деди кереӊ жылмайып.*

*«Кудай урган, душманбы?!»,- деп кайдагы,
Курган кесел, «тишин катуу кайрады».*

*Эшитпесе дүлөй кантсин, бу затты,
Эрдин тиктеп, да бир собол узатты:*

*«Эмне жедиң?» Кесел айтты: «Уу жегем!»
«Ээ, аш болсун! Сонун тамак бу деген!»*

*Анан аста: «Дарыгериң ким?» деди,
«Азирейил!» - деп оорукчан жиндеди.*

*Кереӊ анда тил безеди эрип бир:
«Кудай жалгап, эң мыктысы келиптир!»
Дароо кайра сөз улады артынан:
«Демек сени, айыктырат дартыңан!»*

*Кесел кантсин, көздөрүнөн жаш акты,
Кабар алган кошунасын ашатты.*

*Укпаган соң эрдин тиктеп көбүнчө,
Укмуш ойго батты кереӊ өзүнчө:*

*«Аткаралдым милдетимди ачыгы,
А кошунам кубангандан жашыды».*

*Жарыктык ай, жандүйнөсүн муң чалып,
Жатып калса кесел «отту курчанып»,*

*Дүйнөң түшкүр, иш кылгансып өнүмдүү,
Дүлөй кайтты өз үйүнө көңүлдүү…*

## *Илимпоз менен кайыкчы*

*Бир илимпоз бой көтөргөн ашкере,
Бара жатып кайык менен шашкеде:*

*«Деги, тууган, окуп, билим алдыңбы?»
Деп күтүүсүз кайыкчыга кайрылды.*

*Жоош кайыкчы анда минтип салмактуу
Жооп кайтарды сыр жашырбай:«Ардактуу*

*Таксыр, менин билимим жок, чынында
Такыр китеп окубапмын ырымга».*

*Менменсинип окумуштуу ансайын,
Мындай деди: «Мен ачыгын айтайын,*

*Өттөй ачуу бул чындыкты эшит, бил
Өмүрүңдүн теңи текке кетиптир!»*

*Кантсин берки, намыстанып кичине,
Кайра чыдап тилин катты тишине…*

*Ал ортодо бороон келип батыштан,
Аңтар-теңтер кылып баарын капыстан,*

*Бир заматта укмуш мүшкүл түшүрдү,
Байкуштардын үрөйлөрүн учурду.*

*Жанын үрөп, толкун менен алышкан,
Жоош кайыкчы бир убакта: «Даанышман,*

*Деги сууда билесиңби сүзгөндү?»
Десе, берки: «Жок, билбейм»,- деп иймениди.*

*«Байкуш, анда»,- деп кайыкчы жылмайды
– Бүт өмүрүң текке кетет турбайбы!»*

## *Татуировка*

*Денесине түрдүү сүрөт тартылган,
Деги кызык казвиндиктер, ант урган!*

*Арка, ийин, төштөрүндө бир укмуш,
Ар кыл жырткыч жандыктар бар тирукмуш…*

*Айтор, ошол Казвиндин бир тургуну,
Айтты келип сүрөтчүгө бир күнү:*

*"Түпкү тегим алп арстандын тукуму,
Тарт андыктан аркама сен ушуну!*

*Таң калтырып көргөн жандын далайын,
Так арстандай сүрдүү болуп калайын!"*

*Кантсин ишмер, адатынча баштагы,
"Куп жарайт",- деп көнгөн ишин баштады.*

*Көк боёкко жол ачылып эмеле,
Кирген кезде ийне учу денеге,*

*Тигил чочуп так секирди: "Сен деги
Тартуудасың ачыштырып эмнени?"*

*Ишмер айтты: "Өзүң сүйгөн айбанды,
Ийне менен баштадым мен сайганды".*

*Анда кардар сурайт карап арт жагын:
"Айтчы деги, кай жеринен баштадың?"*

*"Куйругунан", - десе, берки:"Садага,
Кой, куйруктун кереги жок, жан ага!*

*Ал андыктан оорутпастан, саймачым,
Анын башка мүчөлөрүн сай бачым?!"*

*Ишмер угуп кардар айткан акылды,
Ийне учун кайра ага матырды.*

*Курган жигит, чок баскандай: "Ай жаным,
Кай жерине келдиң эми сайманың?"*

*Деп туйласа, тигил айтты: "Чыдагын,
Далыңа мен тартып жатам кулагын".*

*Кардар анда: "Коробосун убактың,
Калтыр, – деди, – кереги жок кулактын!"*

*Ишмер кантсин, башын ийкеп, үндөбөй,
Ишке кирген кезде каршы сүйлөбөй,*

*Чыдамы жок казвиндин боз уланы,
Чыйпылыктап кайра минтип сурады:*

*"Кай жерине келдиң деги, сен эми?
Кыйнап жанды, калбыр кылдың денеми!"*

*Анда берки: "Сайып жатам курсагын,
Аздан кийин тартам, – десе – бул жагын".*

*Кардар айтты: "Ачтан өлбөйт бул арам,
Кел, андыктан кардын кошпо, суранам?!".*

*Араң турган ишмер кантсин, жиндеди,
Ачуу сүйлөп, казвиндикти тилдеди:*

*"Айтчы, качан куйрук, курсак, кулаксыз,
Арстанды сен көрдүң эле, уятсыз?!*

*Жадагалса Кудай таала ырымга,
Жаратпаптыр мындай арстан чынында…*

*Сөз соңунда сага айтар кеңешим,
Сен ЧЫДАМКАЙ болсоң, баарын жеңесиң!*

**Которгон Алтынбек ИСМАИЛОВ**

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№8 (306)

30 08 2024

kyrgyztili@mail.ru

# “Эр Төштүк”: герменевтикалык сереп



**Жамгырбек БӨКӨШОВ,**
**Профессор**

*(Уландысы. Башы өткөн санда)*

Төрт Мамыттын образы эпосто ушундай сыпатталат, метафизикалык ченемде ушундай мазмунга ээ. Башкача айтканда, булар тек гана эпикалык кейипкерлер, жөө жомоктун каармандары эмес.

Эмне үчүн төрт? Балким, саны ошончолук эле маанилүү, орчундуу нерсе эмес. Деген менен, төрт болгону белгилүү бир жүйөөгө ээ. Төрт- бардык тарапты бириктирген, алды-артын жана оң- солун туташтырган, баарын катыган сан. Төрт- бул чар тарап, шар, айлана, тегерек. Бул- бир.

Экинчиси. Чалкуйрук минген Төштүк жез кемпирди кууп жетерде, жез кемпирдин сыйкырлуу ийрегинин артынан жер тешигине түшүп, жер астына өтөт. Андан наркы окуя “жер асты” аталган дүйнөдө өтөт. Эпосто

*Эни да жок, чени жок,*
*Жерге кирди Эр Төштүк.*
*Жарыкчылык шоола жок,*
*Көргө кирди Эр Төштүк.*
*Айгай кулак тундурган,*
*Дууга кирди Эр Төштүк-*

деп айтылат. “Жер үстү” түшүнүктүү: адамга тааныш, адам ченемдүү, алыс- жакын, асты- үстү, чоң- кичине, оң- сол адамга жараша ажыратылат. Ал эми “жер асты” – метафизикалык дүйнө: ойкыял дүйнөсү, анын касиеттери табият мыйзамдарына эмес, таптакыр башка талапмүдөөлөргө таянат. Элдик акылмандык анын табиятын адегенде эле “эни да жок, чени жок” деп, таамай- таасын аныктап койду. Демек, эпикалык кыял аркылуу Төштүк таптакыр белгисиз, турумтурпаты, курум- түзүмү “жер үстүнөн” башкача, баш- аягы дайынсыз дүйнөгө өттү. Төштүк “жер астында” баягыдай, “жер үстүндөгүдөй” бойдон калды. Белгисиз дүйнөдө ага башкача касиет- жөндөм керек. Адамдын көзү көрөт, кулагы угат, муруну жыттайт, денеси (териси) сезет. Эпосто экөө ачык- айкын аталат: “Угар кулак, көрөр көз, Эки Маамыт...”, үчүнчүсүн- күлүк Маамытты “денсезим”, дене күчү деп түшүнсөк. “Жыт алуу” касиети калды. Мүмкүн, “жер астында” анын кызматы анчалык деле маанилүү болгон эместир. Анан, албетте, акыл- эс, ой- түшүнүк керек.

Демек, жер астына түшөрү менен төрт Маамытка жолугуп, “достошуп”, Төштүк толук кандуу адамга айланды, адамга тиешелүү, зарыл касиеттерге ээ болду. Албетте, эпикалык сюжеттин логикасына ылайык төрт Маамыт чыгарманын башка кейипкерлериндей эле андан наркы окуяларга катышат, сынактарда Төштүккө кызмат көргөзүшөт. Алар такай Төштүктүн жанында. Бирок, дыкат карасак, бары- жогу билинбегендей, жөөбү- атчанбы, ачпы- токпу, айтор, белгисиз. Анткени, алар “таза маңыздар”, “карандай маанилер”, символдор: “таза көрүм” ( көздүн көзү, көздүн болгонтолгону, көздүн жеткен чеги), “таза угум” ( кулактын өзү, тыңшаар Маамытка айланган кулак), “таза кара күч” ( табият берген карандай күчтүн өзү, күлүк Маамыт кейпиндеги чегине жеткен дене күчү), анан “таза акыл- эс”, акыл- ойдун болгон- толгон маңызы. Ошондуктан, алар такай Төштүктүн жанында эсептелсе да, бары- жогу билинбегени- алар абстракт маңыздар, образ кейпинде берилген адам касиеттери. Албетте, “Эр Төштүк” метафизикалык трактат эмес, атүгүл Парменид калтырган “Барлык” поэмасындай чыгарма эмес. Бирок, биз жогоруда белгилегендей, “Эр Төштүк” метафизикалык маани- мазмуну бышык эпос. Семиоанализ аркылуу “жер үстү” менен “жер астын” жарыштыра изилдөө да кызык натыйжаларды берет деген ойдомун. Биз болсо “төрт Маамытка” гана токтолдук. Аларды адамдын төрт касиетинин символу, таза түшүнүгү деп чечмелеп отурабыз. Албетте, бул эпосту жараткан эл философиялык абстракциянын кыл чокусуна чыккан деп жаткан жокпуз. Бирок, адамдын рухий жөндөмдөрүн, ой- сезим касиеттерин кыргыздар жалпылап, “таза” түрүндө түшүнүүгө аракет кылышып, алардын өзгөчө маңызын өзүнчө белгилеп, символдоштуруп, муну сөз болуп жаткан эпосто төрт Маамыттын образы аркылуу берген деп айтышка толук акыбыз бар.

Үчүнчү жагдай. Кытай акылманы, даосизмдин көрүнүктүү өкүлү Гэ Хундун “Баопу- цзы” аталган трактатынын “Даонун мааниси” деген бөлүмүндө мындай кеп бар: дао Цянь- Асманды жана Кунь-Жерди кучагына камтыйт. Аны жок дешсе, көлөкө да чыңга айланат. Аны бар дешсе, бардык нерсе жок сыяктанат. Ли Шоу ( кытай мифиндеги Хуандинин жан- жөкөрү) анын көлөмүн аныктай алмак эмес. Ли Чжу ( көрөгөч) анын эмнеге окшош экенин таба алмак эмес. У Ча менен Цзинь Е (айтылуу курчкулактар, жер тыңшарлар) караңгы тункуюкта анын үнүн уга алышмак эмес. Чжоу Си менен Бу Чжу ( атактуу күлүктөр) анын Ай- ааламдан ашкан изине жете алышмак эмес ( Торчинов Е. А. 1983. 39- бет). Көрүнүп тургандай Ли Шоудан башкасы биздин үч Маамытка куюп койгондой окшош. Ал эми берилген мүнөздөмөгө караганда Ли Шоуну куюн Маамытка жакын каарман эсептесек болчудай. Булардын жанда жок касиеттери жөнүндө эмнеден улам айтылып жатат? Дао-Жолду билиш- түшүнүш маселесинен улам. Демек, төрт Маамыт да жер алдында, тункуюкта Төштүккө жолду (даону) тапканга кызмат кылып жатканы- Улуу Көңдөйдө, Боштукта, Тункуюкта Эр Төштүктүн тиешелүү учурда тиешелүү жол тапканга жараганы.



Эмне үчүн Маамыт? Же- Маамыттар? Бул жөн салды суроо эмес. Кокусунан төртөө тең Маамыт аталып жаткан жок. Эмне, эпос айткандар төртөөнө төрт башка ысым таппай калды дейсиңерби? Жок. Ойдо адам баласынын жалпылаштырылган, абстракцияланган, символдоштурулган касиет- жөндөмдөрү болгон соң, алар бир мааниде каралып жаткан соң, төртөө тең Маамыт болгону жүйөөлүү. “Жер асты” адамдын акыл- ою түзгөн, ой- түшүнүк жол- жоболоруна баш ийе жашаган, илим тили менен айтканда, интеллигибельный дүйнө, символдордун, абстакциялардын, логикалык образдардын дүйнөсү. Төрт Маамыттын образы ошол символдошкон, логостошкон дүйнөнүн жандуу бөлүгү. Ошондуктан Төштүк жер үстүнө кайтканда алар кайда калды, такай Төштүктү жандап жүрүшчү эле, кантип коштошуп, кантип айрылышты- булар жөнүндө сөз жок, суроо да туулбайт. Символдор үчүн убакыт жана орун кеп эмес. Алар өз милдетин аткарат.

*Жер алдына түшкөндө,*
*Төрт Маамыт келди табылып,*
*Сырттан Төштүк баатырдын,*
*Абийири минтип жабылып.*

Төштүктүн “абийири жабылганы” таптакыр башка дүйнөгө, “жер астына” түшкөндө, “эни, чени жок” жерге барганда, ал “кайра жаралды”: көрөрүнө көз алды, угарына кулак алды, ойлооруна акыл- эс алды, кыймыл-аракетине күч алды. Ошентип, толук кандуу, жарамдуу, шайма- шай адамга айланды, “абийири жабылды”.

Символ деп жатканыбыз бекер эмес. Символ- турмуштагы нерсени сыпаттап, сүрөттөп көрсөтүш үчүн эмес, адамдын белгилүү бир нерселерди туура түшүнүп, акылой элегине салып кабыл алышы үчүн кызмат кылат. Түпкүлүгүндө “символ” деп экиге бөлүнгөн сындырылган кичинекей жыгач тактай аталган. Убакыт өтүп, учуру келгенде эки сыныкты бириктирип, бирине бирин кынап көрүшүп, туура келсе, макулдашылган нерсе аткарылган. Демек, төрт Маамыттын образын символ катары карасак, анда эпостогу жартысына өзүбүздөгү жартыны бириктиришибиз керек. Башкача айтканда, аларды тек гана жомоктогу, эпикалык кейипкерлер эсептеп, кызык образ түзгөн эл кыялына, көркөм табитине ыраазы болуш менен чектелип калбай, адамдык касиет, адам баласынын жөндөмү, болумуна тиешелүү маселелерге тиешелүү ой- түшүнүктөр аймагында карасак, тереңинде катылган сырын ачабыз, табышмагын жандырабыз. Эпосту угуп отуруп, баарыбыз болбосо да, кээ бирөөлөрүбүз “аттиң, менин да ушундай төрт Маамытым болсо” деп ойлогондурбуз. Ойлогон соң, көрүш деген эмне, угуш деген эмне, сезиш деген эмне, ойлош деген эмне сыяктуу суроолорго бет келерибиз чын. Анан эртеби- кечпи, дарообу-акырындаппы, айтор, ушундай суроолорго жооп тапсак, бул биздин адамдык насилкасиет тууралуу ойлогонубуз, акылдаганыбыз. Ушул өңдүү символдор аркылуу адам болобуз, адам болуштун баасынбаркын билебиз.

Дагы бир жагдай. “Мифология сөздүгүндө” (Мифологический словарь. 1990. С. 330) мындай жазылган: Мамету, Мамиту, Маммиту ( “ант”, “милдет”), аккад мифологиясында жер алдындагы дүйнөнүн кудайы; балким, адегенде анттын жана ант бузарды жазалоонун персонификациясы болушу ыктымал; жер алдындагы дүйнөнүн соту. Көрүнүп тургандай, кыргыз жана аккад мифологиясынын ортосунда маанилеш үндөштүк бар. Төрт Маамыт да Төштүккө ант берип, жер алдында (караңгы дүйнөдө) ага жардам бериш милдетин алып жатышат. Анан калса эмне үчүн төртөө тең Маамыт? Эмне ар кыл ат койсо болбойт беле? Кыргызда ат түгөнүп калыптырбы? Булардын баары кокустук эмес. Дагы тереңдеп талдоону, аныктоону талап этет.

Биз “Эр Төштүктү”- байыркы эпос деп жатпайлыбы. Анын боюна кыргыздын байыркы-байыркы ой-санаалары, сезим-туюмдары, суроо-соболдору, билгенилгендери сиңген. Маамыттардын байыркы шумер мифологиясындагы каарман менен ысымдаш чыккана да буга күбө. Бул- бир. Экинчи маанилүү жагдай, кыргыз эпосунун герменевтикасын дүйнөлүк адабиятта “жер алдын” сыпаттаган атактуу чыгармалар арбын, ошолорго салыштырып изилдөө абзел. Эми бул- келечектин иши.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№8
(306)

30
08
2024

kyrgyztili@mail.ru

# ВЕНГРИЯ - МАЖАРСТАНДАГЫ КУРУЛТАЙ

*Эл аралык "Мажар-Туран" фондусу уюштурган Түрк элдеринин 9-курултайы өттү. Курултай 2006-жылы Мажарстандан башталган. Ага айырым түркологокумуштуулар чакырылган. Бул курултай ар жылы Мажарстандан өткөрүлүп турат. Ал эми 2008-жылдан бери бардык Түрк элдеринин өкүлдөрү катыштырылган Курултай ар эки жылда үзгүлтүксүз өткөрүлүп келе жатат. Курултайды өткөрүүнү Мажарстан өкмөтү, парламенти колдоп келет. Демөөрчүлөр да жардамдашат. 2008-жылдан бери быйыл 9-жолу өткөрүлгөн курултайдын ар бирине Кыргызстандан делегация катышып келет. Бардык уюштуруу иштери белгилүү түрколог, профессор Кадыралы Конкобаевдин жетекчилигинде аткарылууда.*












ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№8
(306)

30
08
2024

kyrgyztili@mail.ru

# ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН 90 ЖЫЛДЫК МААРАКЕСИ ЧЫНЫБАЙ ТУРСУНБЕКОВ ПОЭЗИЯ ФЕСТИВАЛЫ МЕНЕН БАШТАЛДЫ...



Ошентип 22-25-август күндөрү «Акун – Ысык-Көл» пансионатында жогорку деңгээлде уюштурулган, 200дөн ашык катышуучунун жүрөгүн толкуткан Республикалык |V Чыныбай Турсунбеков поэзия фестивалы жыйынтыкталды. Бул салттуу фестивалдын башкы жеңүүчүсү – Гран-принин ээси, демек, Чыныбай Турсунбеков атындагы сыйлыктын лауреаты акын Сайра Батыркулова болду! 100 миң сомдун сертификаты, атайын статуетка тапшырылды. Мындай ийгиликти ал нагыз турмуштагыдай демдүү, чынчыл ырлары менен жеңип алды. Куттук!

Поэзия фестивалынын табылгасы, жаңылыгы – 1-орунга татыган жаш акын Канатбек Таалайбек уулу! Биз, калыстар бул жигитти буга чейин тааныбайт дагы экенбиз. Фестивалдын негизги максаттарынын бири – жаңы ысымдарды, жаш таланттарды эл арасынан таап, сууруп чыгуу эмеспи. Так ошол критерийге Канатбек абдан туура келгенине сүйүндүк. Фестивалдын ачылышында Кыргыз улуттук жазуучулар союзунун төрагасы Каныбек Иманалиев Гран-прини уткан, 1-орунду камсыз кылган жеңүүчүлөр эгер Жазуучулар союзуна мүчө эмес болсо – ушул фестивалдагы жеңиштери үчүн автоматтык түрдө мүчөлүккө кабыл алынарын жарыялаган. Демек, Канатбек Таалайбек уулу азыр Кыргыз улуттук жазуучулар союзунун да мүчөсү! Документтери даярдалып атса керек.

Чыныбай Турсунбеков |V поэзия фестивалында элге эптүүлөй жаккан, кечени келиштире кызыткан, катышуучулардын мекенчилдик духун да көтөргөн, ошол эле кезде кайгыртып-ыйлаткан, кайра көңүлдөрүн оболотуп каткырткан белгилүү акын, 2-орундун эгеси Жылдызбек Турсунбаев болду. Жигитке миң өнөр аздык кылат дегендей, ызылдата ыр окуп, мааниге чылк "Манас" айтып, ылайыгын келтире ырдап, бийлеп – айта көрбө! Залдагылардын дээрлик көпчүлүгү аны же Гран-прини алат, же 1-орунду ээлейт деп күтүшкөндүгү ырас. Калыстар курамынын төрагасы катары жеке мен Жылдызбектин добушу Канатбек Таалайбек уулунун добушунан болгону бир санга кем болгонуна, чынын айтайын, ичим аябай ачышып турду. Бирок факт (эсеп) өжөр нерсе эмеспи... Өзгөртүүгө Жобо жол бербейт.

78 талапкердин ичинен 6 финалист-акын мыкты тандалгандыгы үчүн мен калыстарга ыраазымын. 3-орунга татыган Элгиза Бусурманкул кызынын ырларынын оригиналдуулугу, ойго келбес образдарды тапкандыгы, "Жылдын табылгасы" номинациясы менен сыйланган Ырысгүл Изатованын ырларынын лирикалуулугу, сырданалыгы, "Эл сүймөнчүгү" номинациясы менен сыйланган Эдилбек Мукамбетовдун ырларынын шыдырлыгы, жасалмасыздыгы элдин эсинде калды деп ойлоймун. Ар бири эл алдында өткөргөн жарым сааттык жүзачар кечесине ырларынын баарысын жаттап – астейдил, ири жоопкерчилик менен чыгышканына, албетте, ыраазычылык!

Элге түшүнүктүү болушу үчүн айта кетейин. Калыстарга адегенде авторлору жазылбаган, катар номуру гана коюлган ырлар топтомдору келет. Ар кимибиз үйлөрүбүздө окуп, баа коюп чыгабыз (3 талаптын ар бирине 10го чейин упай беребиз). Кимдин ыры экенин билбей туруп, маселен, мен эң көп упайды Канатбек Таалайбек уулу менен Элгиза Бусурманкул кызына берипмин. Экөөнө тең 28ден упай (үчөөнү кошкондо). Анан беш калыстын добуштары кошулуп топтоштурулат. Авторлору жазылбаган ырлар топтомдорунун ичинен эң көп – 122 упайды "66" деген ат менен (катар номур менен) келген акын алган. Ал Сайра Батыркулова экендиги кийин белгилүү болду. Ошол упайга Сайранын 2 талап боюнча эл алдында (фестиваль учурунда) алган упайлары кошулганда – баарынан алдыга озуп чыкты.

Кыргыз поэзиясынын келечеги бар экендигин Чыныбай Турсунбеков |V поэзия фестивалы даана көрсөттү деп айтсам болот. Ошондой эле Кыргыз улуттук жазуучулар союзунун быйылкы 90 жылдык маарекеси дал ушул иш-чара менен башталгандай туюлду. Бир жагы, эмдиги жылкы юбилейлик V фестивалга даярдык сыяктуу...

**Кожогелди КУЛТЕГИН, Кыргыз Эл акыны, калыстар курамынын төрагасы**

















ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№8
(306)

30
08
2024

kyrgyztili@mail.ru

# КООМ ЖАНА МЕЗГИЛ:
# АКАДЕМИК АЛЫШБАЕВДИН ИНСАНДЫК ЧЫЙЫРЫ

*Жумагул Алышбаев жөнүндө, көрүнүктүү теоретик- илимпоз, белгилүү инсан жөнүндө жупуну пикир айтуу мен үчүн бир эсе өтө оор, бир эсе өтө сыймыктуу.*

Өтө оор анткени, табият-турпаты кенен, тек-жөнү терең бийик акыл-парсаты менен айрымаланган сейрек инсандын көп кырдуу ишмердүүлүгү кандай гана мыкты болбосун баа берүүнүн баалоонун алкагына оңой менен сыйбайт. Инсан канчалык улуу болсо, ал тууралуу пикир айтуу ошончолук оор.

Өтө сыймыктуу, анткени уучу куру эмес, уңгулуу журтунун татыктуу уулу, мен сыймыктанган, калдайган айылы, туугандары сыймыктанган Жумагул Алышбаевич менин агам. Академик Жумагул Алышбаевичтин ысмын алып жүргөн мектепти аяктагыным менен да сыймыктанам.

Экономика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз ССРинин илимдер академиясынын академиги Алышбаев Жумагул Алышбаевич 1922-жылы Ысык-Көл облусунун Түп (азыркы Ак-Суу) районундагы касиеттүү Кыдыр-Акенин журту Кереге-Таш айылында көз жарган..

Алышбаев Жумагул Алышбаев ким?

Жумагул Алышбавеич, ири алды менен илимий диапазону өтө кеңири, калың дарактын далдаасындагы жалгыз даракты көрө тамай тааный билген көрөгөч, чыгаан окумуштуу. Чыныгы окумуштуу.

Адамзат генийи, бүгүнкү күнгө чейин дүйнөлүк абройлуу теоретик-эконмисттердин столунда илимий маяк катары орун алган фундаменталдуу эмгек “Капиталды” жараткан К.Маркс менен тайманбай талашкан окумуштуу.

Экономист окумуштуулардын арсынан топ жарып суурулуп чыккан, даанышман, күчтүү теоретик. Экономикалык түзүлүштүн пайдубалын түзгөн, бирок оңой менен көзгө, алтургай акылга илинбеген коом турмушунун түпкүрүндө катылган мыйзамченемдүүлүктөрдү башкалардан айрымаланып даана түшүнө билген окумуштуу.

Кыргызстандын өнөр жайын, айрыкча оор өнөр жайын кандай-кантип өнүктүрүш керек экендигин ташка тамга баскандай иштеп чыккан окумуштуу. Эгерде кылчактабай, көрө албастык менталдык касиетибизди жыйыштырып коюп, өзгөчө дыкаттык менен иштелип чыккан, илимий жактан тетик негизделген алышбаевдик экономикалык долбоорлорду шымаланып ишке ашырганыбызда Кыргызстандын бүгүнкү турмуш абалы алда-канча жогору болмок. Алышбаевден кийин ошондой масштадуу долбоорлорду иштеп чыккан теоретик-экономисттер болдубу? Жок, болгон жок.

Ошол мезгилдеги расмий МААЛЫМАТ-СПРАВКАдан үзүндү келтире кетейин (расмий маалыматтын стили өзгөртүлгөн жок): теориялык даярдыгы жана республиканын экономикасы боюнча билим деңгээли жагынан, айрыкча өндүрүшкө, илимий изилдөөлөрүнүн актуалдуулугуна жана маанисине жараша, жаратылыш ресурстарын изилдөөгө жана өздөштүрүүгө, анын негизинде Кыргызстандын эл чарбасынын негизги тармактарын өнүктүрүүгө, ошондой эле кадрларды даярдоого кошкон салымы боюнча жаш кадрлардын арасынан Ж. Алышбаев алдыңкы орунду ээлеген.

Демек, Жумгул Алышбаевич, эне сүтү менен шыбагасына бүткөн оргуштаган таланты менен жаш кезинен эле топ бузуп суурулуп чыккан. Академик Алышбаевдин билими, илимий дарамети өтө терең болгон, анын кынтыксыз пикири менен дүйнөгө белгилүү экономист окумуштуулар эсептешкен. Жогоруда учкай белгиленген, Маркстын “Капиталын” ийнине жеткире иликтегендер, аны кылдат өздөштүрүү менен чектелбей, практикада колдоно билгендер Кыргызстанда жокко эсе. Кесе айтканда, жок. Алтургай андай идиректүү инсандар советтер союзунда бирин-экин гана болгон. Жумагул Алышбаевич окумуштуу катары, ойчул катары Капиталдагы өтө эле татаал абстракцияларга өзүнүн кайчылаш пикирин ачык туюндурган теоретиктердин бири болгон.

Расмий маалыматтан дагы бир чакан үзүндү: Академиктин ишмердүүлүгүнүн теоретико-методологиялык жана прикладдык чөйрөсү: илимий-экономикалык теорияны; эл чарбасынын тарыхын; техниканын абалы жана республиканын өнөр жайынын өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүн; отун-энергетикалык, минералдык жана сырьелук ресурстарды комплекстүү изилдөө, Кыргызстандын жана Борбордук Азиянын реалдуу макроэкономикасын, анын укук маанисин аныктоо; 1980-жылга чейин өндүргүч күчтөрдүн Генералдык схемасынын концепциясын иштеп чыгуу...

Мына накта академиктин академиялык масштабы. Түшүнүгү. Билгичтиги. Көрөгөчтүгү. Омоктуу инсандык сапаты.

Академик Алышбаев кан күйгөн улуу согуштун каарман батыл да, баатыр да ардегери. Катардагы жоокерден Аскердик бөлүктүн штабын жетектегенге чейинки татаал, ажал чеңгелдеп турган жоду




басып өткөн.

Расмий маалыматтан үзүндү: Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында ал жөнөкөй танк айдоочулуктан баштап, танк полкунун рота командири жана Орел аскер округунун аскер бөлүгүнүн штаб начальниги кызматына чейин жеткен. Эки Кызыл Жылдыз ордени, эки II даражадагы “Ата Мекендик согуш” ордендери, Эмгек Кызыл Туу ордени, “Ардак белгиси” ордени жана ончакты медаль менен сыйланган.

Жумагул Алышбаевич, таланттуу уюштургуч, иш билги жетекчи катары комсомолдук-партиялык жооптуу кызматтарды аркалаган. Деги кайда ким болуп эмгектенбесин, майын чыгара мээнеттенген. Айрыкча, канчалык татаал болсо да, маселени шарт чечкен чечкиндүүлүгү, чийеленген көөйгөйлөрдү тез чеч билгендиги менен айрымаланган. “Өзөчө эрктүү, чечкиндүү, шамдагай, ошол эле учурда мээримдүү, калыс эле. Бүркүт кабак, бойлуу, сулууча келип, коңур үнү алыстан угулган сырттан адам эле. Өмүрү кыска болуп калды”... деп үшкүрүп эсекеришчү аны билген айылдаштары.

Расмий маалымат: Эмгек чыйырын 1939-жылы Кочкор районунда мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштөөдөн баштаган. Ал Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзунун Талас обкомунун секретары жана Кыргызстан Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзунун Борбордук Комитетинин секретары Республикалык партиялык мектептин директору сыяктуу мамлекеттик жооптуу кызматтарда иштеген. 1947-жылдын аягында Москвага барып, КПССтин Борбордук Комитетинин алдындагы Жогорку партиялык мектептен билимин жогорулаткан, андан кийин Коомдук Илимдер Академиясынын аспирантурасын аяктап, 1953-жылы кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. Кыргызстан КПСС БК мүчөлүгүнө кандидат, Кыргыз ССРнин Жогорку Советинин депутаты, Мамлекеттик пландоо комиссиясынын мүчөсү болгон.

1954-жылы Кыргыз ССРнин Илимдер академиясы уюшулган күндөн тартып Ж. Алышбаев зор илимий жана уюштуруучулук иш менен катар коомдук илимдер бөлүмүнүн академик-секретары,

Кыргыз ССРнин Илимдер академиясынын вице-президенти, өндүргүч күчтөрдү изилдөө боюнча Кеңештин төрагасы, Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакторунун биринчи орун басары, Илимдер академиясынын Экономика институтунун бөлүм башчысы кызматтарын аркалаган,

1967-жылы өзүнүн илимий-изилдөө иштеринин негизинде “Кыргызстан оор индустриясын өнүктүрүүнүн келечеги жана көйгөйлөрү” деген темада докторлук диссертациясын коргогон.

Өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүү жана бөлүштүрүү боюнча окумуштуунун илимий жактан толук негизделеген олуттуу идеялары:

– Гидроэнергетиканы эффективдүү өнүктүрүү максатында Суусамыр-Көкөмерен ГЭСтер каскадын, Күрпсай жана Карасуу ГЭСтерин камтыган Кыргызстандын эл чарба комплексинин локомотивин түзгөн;

– Отундун, өзгөчө көмүр өнөр жайынын деңгээлин андан ары өнүктүрүү (Тегенек жана Алдыяр көмүрүнүн базасында, Кавак лигнит бассейни); көмүр казып алуучу ишканаларды жайгаштырууну жакшыртууга, газ жана нефть өнөр жайын тездетүү менен өнүктүрүү, көмүрдү ачык жол менен казып алуу үчүн бир катар шахталарды реконструкциялоо, өндүрүштү механизациялаштыруу жана автоматташтыруу аркылуу өндүрүштүн техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрүн кескин жогорулатуу; отунду чыгаруунун жана керектөөнүн тармактык структурасын жакшыртуу; автоматтык жана дистанциялык башкаруу механизмдерин кеңейтүү, перспективасыз шахталарды жабуу;

– Түстүү металлургияны кеңейтип, калай рудасын, алтын казып алуу, висмут, алюминий өндүрүү; сурьма-сымапты мындан ары өнүктүрүүнү жолго коюу аркылуу СССР боюнча сурьма өндүрүүнүн 75 пайызын жана сымаптын 47 пайызын өндүрүүгө жетишүү, масштабын жогорулатууга негизделген геологиялык чалгындоо иштерин, ошондой эле сурьма чыгаруучу ишканалардагы технологияларды жана техниканы жакшыртуу;

– Жергиликтүү ресурстардын базасында химия өнөр жайын түзүүнүн жана тез өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн, жолдорун илгерилетүү максатында - Түштүк Кыргыз электрохимиялык комбинатын түзүү; гуминдик жана татаал жер семирткичтерди өндүрүү үчүн муктаждык, айыл чарба калдыктарын кайра иштетүү, зарыл болгон химиялык продуктыларды өндүрүү үчүн жапайы өсүүчү сырьену өнүктүрүү, анын ичинде минералдык жер семирткичтер; хлор өндүрүүнү уюштуруу, кокс-химиялык өнөр жайын түзүү;

– Республикада курулуш материалдар өнөр жайын өнүктүрүү; эл чарбасынын өсүп жаткан керектөөлөрүн эске алуу менен курулуш материалдарын чыгарууну кенейтүү үчүн өнөр жайды бардык зарыл ресурстар менен камсыз кылуу; алардын сапатын жогорулатуу;

– Жаратылыш ресурстарын (суу, отун, минералдык) биргелешип иштетүүнүн максатка ылайыктуулугу жана экономикалык натыйжалуулугу; б.а. өз ара байланышкан технология боюнча ар кандай компакттуу жайгашкан ресурстарды экономикалык жүгүртүүгө параллелдүү тартуу, сырьёлорду комплекстүү пайдалануу;

– Машина жасоонун так эмгекти көп талап кылуучу тармактарын (станокторду куруу, прибор куруу, радиотехника өнүктүрүү; тоют жыйноону жана жайыттарды сугарууну механизациялоо үчүн машиналарды жасап чыгарууга республиканын машина куруу өнөр жайын адистештирүү жана ошондой эле универсалдуу кичи өлчөм-

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№8 (306)

30 08 2024

kyrgyztili@mail.ru

дөгү электр станцияларын куруу.

– Нефелин сиениттерин иштеп чыгуу жана өндүрүү; Орто-Токой жана Кызыл-Омпол өнөр жай комплексин, Кавак фарфорлорун өндүрүүн өздөштүрүү, Түндүк-Кыргыз тоо-кен комбинатын түзүү;

– 1966-1970-жылдарда оор индустриянын эң маанилүү тармактарын өнүктүрүү үчүн анын негизги багыттарын иштеп чыгуу, алардын темптери, пропорциялары жана перспективаларын тактап, өнөр жай тармагынын эң маанилүү ишканаларын түзүү.

Мына академиктин ой чабыты, эл деп соккон жүрөгүнөн өткөргөн идеялары...

Алышбаев чарбалык маселелердин илимий жагы менен гана алектенбестен, бул багыттагы долбоорлоо-изилдөө жана илимий-уюштуруу иштерине эң активдүү жана түздөн-түз катышкан, ошондой эле республиканын өнөр жайын өнүктүрүүнүн перспективалык пландарын иштеп чыккан. Академиктин жетекчилиги менен илимий НОТтор жана техникалык-экономикалык отчеттор (ТЭО) түзүлгөн, СССРдин энергетика жана электрлештирүү боюнча мамлекеттик өндүрүштүк комитети, СССРдин Орто машина куруу министерствосу республиканын пландоо органдарынын кароосуна жиберилген жана кийинчерээк СССРдин Мампланынын алдындагы отун өнөр-жай боюнча мамлекеттик комитет тарабынан жактырылган. «1966—1970-жылдарда Кыргыз ССРинин өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүүнүн жана бөлүштүрүүнүн илимий жактан негизделген схемасы» Алышбаевдин демилгеси жана анын түздөн-түз жетекчилиги менен иштелип чыккан. Бул темадагы илимий доклад Кыргыз ССРнин Мампланында, СССРдин Мампланынын СОПСунда жогору бааланган.

Академик Ж. Алышбаевдин илимий-педагогикалык жана коомдук иштеринин мисалы катары 1968-жылдын февраль айынан баштап жетектеген Илимдер академиясынын «Кыргызстандын эл чарбасын өнүктүрүүнүн экономикалык жана социалдык проблемалары» Илимий Кеңешин белгилесек болот. Бул Кеңештин башкы милдети - республикада илимий изилдөөлөрдүн багыттарын жана милдеттерин аныктоо, алардын эффективдүүлүгүн жогорулатуу болгон. Кыргызстанда илимий изилдөөлөрдүн консолидацияланган координациялык планы иштелип чыккан, аны түзүү процессинде Алышбаевдин жетекчилиги менен Илимдер академиясынын Экономика институтунун жана республиканын дээрлик бардык жогорку окуу жайларынын окумуштууларынын күчаракеттери бириктирилген.

Илимий кеңеш окумуштуу-экономисттерге алардын илимий квалификациясын жогорулатууда жардам көрсөткөн. Кеңеште докторлук диссертациялардын тематикасы жана пландары талкууланып, аткаруучулардын илимий иштеринин жүрүшү жана натыйжалары, Кеңештин мүчөлөрү, ЖОЖдордун окутуучулары, мамлекеттик органдардын, министрликтердин жана ведомстволордун өкүлдөрү, ишканалардын жетекчилери илимий-теориялык, прикладдык докладдарды жасап турган.

Экономикалык теориянын проблемалары боюнча аспиранттарга семинарларды өткөрүү менен бирге Ж.Алышбаев көп жылдар бою республиканын жогорку окуу жайларында саясий экономика курсунан сабак берип, калктын арасында докладдарды жана лекцияларды окуп келген. Анын чечендиги, эрудициясы, материалды мыкты өздөштүргөндүгү, теориялык маселелерди укмуштуудай кызыктуу баяндоо менен студенттерди гана эмес, бүтүндөй аудиторияны өзүнө тез эле тартып алчу. Академик окутуу-педагогикалык ишмердүүлүк менен гана чектелбестен, Республиканын жогорку окуу жайларынын саясий экономика кафедраларынын иши боюнча комиссиянын башчысы катары, мугалимдердин теориялык деңгээлин тереңдетүү жана педагогикалык чеберчилигин жогорулатууну зарылдыгын талап кылып, атайын программа боюнча жогорку окуу жайларынын саясий экономикалык билимин жогорулатуунун, өтө жөндөмдүү студенттерди даярдоонун максатка ылайыктуулугу жөнүндөгү маселени койгон жана Кыргызстанда эл чарба институтун түзүүнүн актуалдуулугун баса белгилеп келген.

Академик Жумагул Алышбаевич Алышбаев мейкиндик менен мезгилдин чектелген алкагынан Мейкиндик жана Мезгил континуумунан топ бузуп суурулуп чыккан, өз мезгилинен озгон ИНСАН:

– өзгөчө эрктүүлүгү менен айрымаланып, өзүнүн жеке жоопкерчилигин, жашоонун маңызмаксатын так, даана сезе билген инсан;

– коомдук түзүлүштү, анын мыйзамченмдүүлүгүн адекваттуу түшүнө билген инсан;

– коомдун кандайдыр бир чөйрөсүн гана эмес, бүтүндөй коомдук түзүлүштү өнүктүрүүгө билими да, кудурети да бар жетик инсан болгон;

– көп тармактуу турмуштуу көп кырдуу таланты, аналитикалык акылы менен алга өнүктүрүүгө толук мүмкүнчүлүгү бар универсалдуу инсан болгон.

Бүгүнкүбүз - кечээкибиздин көлөкөсү, эртеңкибиздин элеси. Өткөнчак, учурчак, келерчак – мезгил ченем-мерчемдери, өткөнчак – тарых, учурчак – бүгүнкү болмуш, келерчак – максаттуу келечек. Кыраакы-көрөгөч инсан катары академик Алышбаев өтмөкатар тарыхты, болмушту жана максаттуу келечекти кылдат айкалыштырып, алардын түпкүрүндөгү күрөө тамырынын кагышын, алардын жалпылыгын аныктап турган мыйзам ченемдүүлүктөрдү так ажыратып сезиптүя билген.

Өзгөчө жылдыздуу, сүйкүмдүү адамдардын өзгөчө сапаттарын мүнөздөгөн "харизма" же "харизматик" деген түшүнүк бар. Алышбаев турган турпаты менен харизматик болгон.

Теги латын тилинен алынып, кооздукту, сулуулукту, сымбаттуулукту туюндурган үч кудайдын символу болгон бул сөздүн кыскача мааниси – өзүнө тартып (имерип, арбап) алып, өзгөлөргө нур чачып турган касиет деген түшүнүк.

Алышбаев сыяктуу харизмасы бар инсандар тегерегине ыңгайлуу кырдаал-абалды жаратып, турган турпаты, акыл-парасаты, олуттуу кеп-пикири менен бардыгын өзгөчө маанайга шыктандырып, аларды тез эле өзүнө имерип, магнит сымал тартып алган.

Ушундай касиети менен наркнасили бийик харизмалуу (жылдызы жанган) адамдар башкалардан кескин айырмаланып турат.

Алышбаев бир жаралган, башкалардан айырмаланган инсан болгон.

**Аскарбек БЕКБОЕВ**

# «ЖОЛБОРС ТЕРИСИН КИЙГЕН БААТЫР»

***(Уландысы. Башы 4-бетте)***

Албетте, «Жолборс терисин кийген баатыр» поэмасынын кыргызча котормосун оригиналга адекваттуу котормо деп айтыш кыйын. Бул – грузин поэмасынын мазмунун башка тилде болжолдуу айтып берген өзүнчө бир кызыктуу бир көрүнүш. Бирок аны белгилүү бир чыгарманын негизинде жаралган оригиналдуу көркөм туунду деп да баалашка болбойт. Чындыгында ал – таржымаланган чыгарма, тек оригиналдын ар бир строфасындагы мааниге бекем байланбаган эркин котормо.

«Жолборс терисин кийген баатыр» жарык көрөрү менен кат-сабаттуулар кайра-кайра маашыраныш окуган, кат таанбагандар улам-улам окутуп уккан чыгармага айланган, жалпы кыргыз арасында болуп көрбөгөндөй кызыгуу туудуруп, өзүнө зор кадыр-барк тапкан. «Китеп 1940-жылы Казанда басылып чыкты, - деп басмырт белгилеген Алыкул «Жазуучулук баянында». – Бир жылдан соң айылдан Тариэл, Автандил, Тинатин, Даражан деген жаңы туулган балдардын, кыздардын аттарын уга баштадым. Демек, китеп кыргыз элине жетип жана аябай жаккандыгы билинет».

Жалаң ырдан бүткөн опсуз көлөмдүү чыгарма китеп окугандын кыныгына жаңы гана кирген, эстетикалык маданияты эми-эми гана жаңылана баштаган калктын купулуна толсо, мээримин ийитсе, чечекейин чеч кылса, албетте, анын объективдүү себептери бар. Эң оболу белгилечү нерсе: орто кылымдык грузин дастанынын сюжеттик мотивдери, образдары, идеялары күн чыгыш элдеринин фольклоруна жана адабиятына ортоктош дух менен каныккан. Экинчиден, анда махабат, достук, таттуулук мамилелериндеги кыйышпастык, айныбастык укмуштай романтикалуу, идеалдуу сыпатта сүрөттөлгөн. Булардын баары бир чети түпкүлүгүнөн эле кыргыз китепкөйлөрүнүн көңүл кушуна ынак, маданий деңгээлине жакын, көркөм табитине далма-дал келип турса, бир чети жатык, ширелүү, элестүү поэтикалык тил менен кыргызчаланган. Ошон үчүн «Жолборс терисин кийген баатыр» улуттук окурмандар жана угармандар тарабынан куду өз тилибизде таланттуу жазылган төл чыгармадай кабыл алынган. Калктын калың катмарын тамшандырган бу котормо өз убагындагы басма сөздө жалгыз гана жаңырык (отклик) туудурган. Китептин чыгышына карата Аалы Токомбаев атайын макала жазып, аны «Кызыл Кыргызстан» газетасына, «Советтик адабият жана искусство» журналына жарыялаган. Ал макалада эң оболу Руставели дастанынын эркин которулганы, анын ритмикалык жана строфалык түзүлүштөрү, образдык туюнтмалары, поэтикалык ыкмалары, атүгүл каармандарынын аттары да кыргызчалашып кеткени, бирок чыгарманын идеялык духу, мазмундук байлыгы, көркөмдүк жамалы туура берилгени баса белгиленген. «Османов жолдоштун бул эмгеги ары атактуу эмгектин бири,- деп жазган рецензент андан нары. – Окуга жеңил, сиңимдүү жана уккулуктуу. Ошону менен кошо акындын өзү тарабынан коюлган элестер, салыштыруулар кыргыздын түшүнүктүү элестери менен алмаштырылган. Ошону менен катар бир далай ойлонто турган куплеттер да бар, ал куплеттер чынында маданияттуу курулган жаңылык деп айтууга болот». «Жолборс терисин кийген баатырды» кыргызчалатуу процессинде Алыкулдун өзү акындык калемин төшөлткөнүн, адабий тажрыйбасын арттырганын, көмүскө мүмкүнчүлүктөрүн ачканын А.Токомбаев мындайча формулировкалаган: «Османов бул котормо менен жалаң гана коомго пайда кылган жок, ал өзү үчүн да көп жаңылыктар иштеди жана сөз маданиятын көтөрүп, аз сөз менен көп маани берүү техникасын үйрөндү».

Аалы Токомбаевдин макаласында «Жолборс терисин кийген баатыр» котормосунун чоң- кичине кемчиликтери да калыстык менен белгиленген, асыресе анда угумсуз курулган сүйлөмдөр, өз ордуна турбаган сөздөр, ритмикалык таскагынан жаңылган (бир-эки мууну ашкан же кемиген) саптар бары, айрыкча элдирселдир уйкаштардын арбын экени көрсөтүлгөн.

Алыкулдун атактуу котормосунун стилдик жана ырдык өксүктөрү кыргыз поэзиясынын кийинки көркөм тажрыйбасынын жарыгында ого бетер таасын көрүнө түштү. Арийне, улуттук ыр өнөрүбүз акыркы отуз-кырк жыл аралыгында техника (форма) жагынан кескин жылыштар жасады. Азыр көпчүлүк акындарыбыз оригиналдуу ыр жазса да, которсо да сүйлөмдөрүн логикалык-грамматикалык жактан кынтыксыз түзгөнгө, уйкаштарын таамай үндөштүргөнгө жетишти. Саптары куюлушуп турган ырларга көнүп калган окурмандар «Жолборс терисин кийген баатырдын» бир кылка дурус чыкпаган поэтикалык синтаксисине, айрыкча жакшы жаңырыктабаган уйкаштарына алымсынбай калышы толук ыктымал.

Руставели поэмасынын кыргызчасы 1951-жылы жарык көрүп, андан кийин (1956-1982) дагы төрт жолу басылып чыкты. Анын ар бир басылгандагы тиражы тез арада сатылып кетип жатты. Бул факт – айтылуу котормонун эл арасында дале кадыры барына айкын далил. Бирок аны китепкөйлөрдүн жаңы муундары куду биринчи басылганындагыдай кызыгуу менен окуп жатат деп айтыш кыйын.

1 Руставели Ш. Жолборс терисин кийген баатыр. – Фрунзе – Казан, 1940, - 3-4-б.

2 Шота Руставели. Витязь в тигровой шкуре. Подстрочный перевод с грузинского С.Иорданошвили. Тбилиси: Мнатоби, 1966.

3 Шота Руставели. Жолборс терисин кийген баатыр. Которгон А.Осмонов. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1940.

4 Токомбаев (Балка) А. «Жолборс терисин кийген баатыр». – Советтик адабият жана искусство. – 1941. - No 3 (17). – 64-65-бб.



ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№8
(306)

30
08
2024

kyrgyztili@mail.ru

# АРСТАНБЕК



Садык АЛАХАН

*Арстанбектин көркөм мурасынын ичинде анын айтыш ырлары да өзгөчө орунга ээ. Тээ кыл мурут кезинде Ордодо жүргөндө – Алымбек датканы жандап атпай журтту аралап (өзүнүн сөзү менен айтканда “Анжыян, Кокон аралап”) жүргөндө – Анжиян тараптагы (азыр “түштүк тарап” деген түшүнүк менен алмашып калбадыбы) атактуу Ысакан ырчы (лакап аты Сарт аке) менен беттешкен Арстанбек ырчы, кийин-кийин:*

*Көп ырчыны көгөмүн,*
*Койго тийген бөрүдөй*
*Алды артынан бөлгөмүн,* – деп (1.16-б.) ырдаган Арстанбек ырчы;

*Экейден чыккан Сүйүмбай,*
*Башканы көргөн буюмдай,*
*Айтса сөзү куюндай,*
*Аны менен айтыштым,*
*Өткөн кептен тартыштым,* – деп (17-б.) сабалаткан Арстанбек төкмө;

*Каңтарбайды каңтардым,*
*Калк ичинде аңтардым,* – деп (17-б.) ырдаган Арстанбек ырчы ырасында эле өз заманынын ак таңдай акындарынын дээрлик баары менен ыр таймашка түшкөн; шакирти залкар төкмө Жеңижок таамай белгилегендей, “Ордо толо ырчыны // Сындап кеткен... // Омурткасын омкоруп, // Озуп кеткен...” алдына ырчы салдырбаган, төгөрөгү төп келген улуу талант болгон.

Бизге анын Чоңду менен, казак ырчылары – жогоруда айтылган Каңтарбай, Сүйүмбайлар – менен болгон айтыштары келип жетти. Бул тексттердин таржымалы да өзгөчө кызык. Жакынкы күнгө чейин Улуттук илимдер академиябыздын колжазмалар корунда Арстанбек ырчынын айтыштары жөнүндө айрым маалыматтар гана бар болчу. Ондой берди болуп, улуу ырчынын бүгүн биздин колдо бар мурасынын көпчүлүгү капилеттен табылып калды. Кабай Абдрахман уулу деген айылдык мугалим Арстанбектин көркөм мурасын сары изине чөп салып чогултуп жүрүптүр. Ал жөнүндө адабиятчы Б.Кебекова буларды кабарлайт: “Бул адам биздин кылымдын (XX кылымдын – С.А.) 20-30-жылдарында мугалим болуп иштеген. Өзү 1914-жылы Чоң-Кеминде туулган. Арстанбектин ырларынын жаштайынан өз атасы Абдрахмандан, кадимки Муратаалынын оозунан угуп жүргөн окшойт, кыязы. Кийин билим алып, мектепте иштей баштаганда мурунку уккандарын кайра кайталатып, жазып алууга үлгүргөндөй. Тилекке каршы, кийинчерээк Түштүккө кызматка которулуп, ошол жакта 1937-жылы репрессиянын курманы болуптур. Ал өзү да акын болгондой. Түрмөдө жатып жазгандары (үйүнө, ата-энесине жибергендери) бул оюбузду бекемдейт. Ата-энеси анын кагаздарын кийизге ороп, короосунун четине Куранга кошуп көөмп коюшат. Алардын көзү өтүп кетип, эч ким билбей калат. 1992-жылы жер айдоо убагында капилеттен жарыкка чыгат.” (5) Көсөм калемгер М.А.Булгаковдун өлбөс-өчпөс романы “Мастер менен Маргаританын” айтылуу адабий кейипкери Воланд айткандай “кол жазмалар өрттөнбөйт” тура!

Арстанбектин Чоңду ырчы менен болгон айтышы өз жергелеринин (азыркыча айтканда, кичи мекендеринин) керемет кооздугун мактап ырдоо менен коштолуп жүрүп олтурат. Арстанбектин жооп сөздөрүнөн биз атактуу манасчылар Келдибек менен Акылбек, семетейчи Назар жөнүндө, алардын “Манас” айтуу, “Семетей” айтуу бөтөнчүлүктөрү, талант-дараметтеринин деңгээли жөнүндө бир топ кең-кесири кабар алабыз. Келдибек “Манас” айтканда күн күркүрөп, чагылган чартылдап, Манас баштаган кырк чоронун аттарынын дүбүртү угулчу”, – деген легенда тарыздеген улама сөздүн көркөм баяндалышын биз дал ушул Чоңду менен болгон айтыштагы Арстанбектин жооп сөзүнөн кезиктиребиз:

*Келдибек Манас айтканда*
*Шамал уруп, бук болуп,*
*Боз үйлөргө жүк болуп,*
*Чагылган учуп чартылдап,*
*Кереге, уук карчылдап,*
*Үзүктөрү желпилдеп,*
*Түндүк жабуу салпылдап,*
*Эшиктери шалкылдап,*
*Ат дүбүртү угулуп,*
*Айыл калбай чогулуп,*
*Журт атасы Манастын,*
*Алмамбет, Сыргак, Чубактын*
*Арбагы көзгө урунуп,*
*Кырк чоро кырдан суурулуп,*
*Кемпирлер турчу балпылдап,*
*Келиндер коркчу калчылдап.*

***

*Барбардигер кудурет*
*Паана болуп өзүнө,*
*Кара тору түспөлү*
*Кыпкызыл болуп чыңалып,*
*Арча отундай чок болчу,*
*Ашырып айтар “Манасты”*
*Ак уул, Куу уул кыргызда*
*Андай адам жок болчу.*
*Түндүк бою түйүлүп,*
*Кереге бою керилип,*
*Коргошундай былкылдап,*
*Кор кызындай жылтылдап,*
*Он эки мүчө шалкылдап,*
*Бүт денеси балкылдап,*
*Он манжасы калтылдап,*
*Тар дүйнөнү унутуп,*
*Кең бейишке жүргөндөй,*
*Сыйкырдуу дүйнө аралап,*
*Керемет болуп кеткенин*
*Көргөн жайым бар эле,*
*Көрбөгөн адам зар эле.* (50 – 51-бб.)

Ал эми Акылбек манасчы жөнүндө айтканы андан бетер так, андан бетер таамай, улуу манасчыдагы эң башкы сапат-мүнөздөрү, манасчылык өнөрүндөгү башкаларга окшобогон индивидуалдуулугу өзгөчө билгичтик менен сыпатталган. Арстанбек ырчы минтип сабалатат:

*Чоң манасчы Акылбек*
*Чогоол сөздү сүйбөгөн,*
*Чоюлган сындуу жан эле,*
*Чоң казатты айтканда*
*Чок түшкөндөй чартылдап,*
*Ээ-жаа бербей жети күн*
*Элирчү жайы бар эле.*
*Андан кийин жети күн*
*Бутун тартпай уктачу,*
*Аралап айыл чыкпачу.*

***

*Канаты сынып кайрылып,*
*Чоролордон айрылып,*
*Кабыргадан кан чыгып,*
*Кабылан Манас айкөлдүн*
*Канкакшап түшүп ордого*
*Кайгырган жерин айтканда*
*Кабыргасы сөгүлүп,*
*Кара нөшөр жамгырдай,*
*Көзүнөн жашы төгүлүп,*
*“Манас” айтып жатканын*
*Унутканын көргөмүн,*
*Умсунуп көңүл бөлгөмүн.*
*Тыңшап турган калайык*
*Көрүп турган эмедей*
*Көзүнөн жашы тамчылап,*
*Кошулуп кошо ыйлаган,*
*Журт атасы айкөлдүн*
*Арбагын чындап сыйлаган,*
*Кабылан кайран баатырды*
*Кара жерге кыйбаган.* (51, 52-бб.)

Улуу төкмөнүн семетейчи Назар жөнүндөгү мүнөздөмө-баяндоосу да жомокчунун талантынын эн урунттуу жактарын таамай, так көрсөтүп, колго салгандай көсөтүп бергени менен айырмаланып турат...

Айтыштын экинчи бөлүгү бул жанрдын эң кыйын түрү болгон табышмактатып айтышуу менен улантылат. Мында баштан-аяк Чоңду табышмак берет да, Арстанбек жандырчу адамдын милдетин аткарып жүрүп олтурат. Айтыштын бул түрү эбегейсиз зор учкул фаентазияны, ашкере тунук акылды талап кылары өзүнөн-өзү түшүнүктүү.

*Чоңду: Айры-айры бел болот*
*Ойлобой жатсаң жел болот,*
*Атасы өлсө не болот?*
*Эр өлүшсө жоо болот,*
*Энеси өлсө не болот?* – десе (53-б.)

*Арстанбек: Атасы өлгөн кор болот,*
*Аталуу адам зор болот.*
*Аскар тоосу солкулдап*
*Ураган менен тең болот,*
*Айткан сөзү кем болот.*
*Энеси өлгөн адамдын*
*Чалкар булак соолуп,*
*Чаңкаган менен тең болот.*
*Эти бою ээлип*
*Энедей сүйчү ким болот?* (54-55-бб.)

Мына ошентип, ырчылар табышмактын жөнөкөй түрлөрү менен бирин-бири байкап көрүштү, акыл дараметтерине чалгын жүргүзүп көрүштү. Эми табышмакты татаалданта берсе да болот. Ошондуктан Чоңду ырчы момундай собол таштады:

*Жону чаар ак жолборс*
*Жонду айланды билдиңби?*
*Бели чаар ак жолборс*
*Белди айланды билдиңби?*
(56-б.)

Жонду айланган ак жолборс эмнеси да, белди айланган ак жолборс эмнеси? Ата менен эненин сүймөнчүк мамилесине байланышкан мурдагы табышмак бул жолборсторго байланышкан суроонун жанында жаш баланын таң калуусундай эле болуп калдыбы. Бирок, Арстанбектин турмушту терең билген, ошол учурдагы коомдук абалды ичкерден туюнган ырчы экендиги жолборстордун жандырмагын шыр эле таптырды.

*Жону чаар ак жолборс*
*Жон айланды дегениң –*
*Жогорку казак болбосун.*
*Бели чаар ак жолборс*
*Бел айланды дегениң –*
*Төмөнкү казак болбосун.*
(56-б.)

Бирок Чоңду да оңой ырчы эмес. Эми ал табышмагын башка нукка буруп, таптакыр башкача маанидеги соболдорду таштады. Болгондо да үч табышмакты чогуусу менен ортого бир салды. Акыл-парасаты өтө бийик Арстанбек көгөндөлө сунулган бул үч табышмакты жообун да буйдалбай тапты. Угуп олтурган эл жапырт кубанып, “бали-и”




ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№8 (306)
30 08 2024
kyrgyztili@mail.ru

# “Мен ойлоймун”

Мамлекеттибиздин тунгуч президенти “улуу урматтуу” Аскар Акаев жаркын маанай, жайдары жүз менен “мен ойлоймун” деген учкул сөзүн кайра- кайра кайталап, какшана берчү эле жарыктык. Ал “ардактуу ажосун” туурап депутат,министр иши кылып, ага жакындары, жагалдангандары эки ийилип, этегинен өөп “мен ойлоймун” деп сунуш, пикирлерин, баяндамаларын баштоочу. “Сындыктан башкасы жугуштуу” дегендей азыр да ал “акылман” сөздү айныбай айткандар бар. Алардын ичинде албетте мен да бармын.

**Демек “мен ойлоймун”:**

– Президентибиздин боосу бек болуп, миллиондогон акчаларды сугунуп, тойбой жеп жаткан алдым - жуттум коррупционерлерди колго чаап, алкымдан алса экен деп;

– Эки күндүн биринде министр, аким "хаким" дегендерди бет аарчыдай алмаштыра бербей, Өкмөт өндүрүштү өркүндөтүп, колоктоп басып жүргөн жаштарды жумуш менен камсыз кылса экен деп;

– Опол - тоодой убадаларды берип, эртеси анысын унутуп калган Жогорку Кеңештин “депутат- жепутаттары” кайрадан калп айтып, каратаман элдин башын айландырбаса экен деп;

– Кылымдарды карытып келаткан уюткулуу кыргыз элим бири- биринин тамырын кыркпай, кырчылдашпай, түндүк -түштүк деп бөлүнбөй, ынтымакта, биримдикте жашаса экен деп;

– Энергетиктер обу жок ээлене бербей электр энергиясынын баасын жок шылтоо менен көбөйтүп, көпкөндөрүн токтотсо экен деп;

– Кара кылды как жарып калыстык кылбаган, сомго сугун арткан соттор соолуса экен деп;

– Бей- бечераларды салкын көз менен карап, акчалууларды ардактап дарылаган ак халатчандар азайса экен деп;

– Шаардын мэри борбордун көчөлөрүн жолун, тазалыгын гана карап менменсинип жүрө бербей чет жак көчөлөргө да көңүл буруп койсо экен деп;

– Кыргызымдын кымча бел, суйкайган сулуу кыздары саунада күркүлдөрдүн алдында, тебелендисинде калбай сойкулардын санын көбөйтпөсө экен деп;

Деги мен эртели кеч ойлоно берип, башым ооруп, кеңгиреп чыкты. Баары бир бул ойлорум иш жүзүнө ашпай ойрону чыгып жүрөт. Мен эмес “мен ойлоймун” деген жогорку жактагы “билермандар” жылыга эле ойлонуп отуруп албай, тоту кушча сайрабай, элине ак кызматтын таза эмгегин өтөсө гана, аттигиң !

**Асан АКМАТОВ**





дешип тебетейлерин көккө ыргытты.

*Кара ылаачын теппеген,*
*Калдайып жерге түшпөгөн,*
*Канатта бүтүн карлыгач.*
*Куу ылаачын теппеген,*
*Кулдуюп жерге түшпөгөн,*
*Куйрукта бүтүн куркулдай.*
*Боору түтүн, башы эсен*
*Ааламда бүтүн бир кудай.*
(58-б.)

Ушинтип үч табышмактын жандырмагы чыпчыргасы коробой, эч бири кем-кетик калбай табылды. Тыңшап олтурган эл тамашага батып, уккан кулак сүйүндү. Анан Арстанбек ырчы:

*Оо, чоюлган ырчы Чоңдуке,*
*Табышмагың таптымбы,*
*Абийириңди жаптымбы?*
*Айта бергин дагы да*
*Алдырып сага койбосмун,*
*Мен алышып жүргөн жолборсмун.*
*Жеңдирип сага койбосмун,*
*Мен жеңе жүргөн жолборсмун,* – деп (58-59-бб.) айтышты жыйынтыктады. Жанатан берки күрөштүн жүрүшү улуу ырчыга минтип айтууга толук моралдык укук берип турган эле. Бул жерде бой көтөрүүнүн, акындык менменсинүүнүн кыпындай да жышааны жок болчу.

Арстанбек тээ жигит кезинен эле айтыштын бул түрүнө дамамат катышып, ар кандай кыйын-кыстоо табышмактардын жандырмагын таап жүрчү экен. Мунун айкын күбөсү катары Айганыштын суроолоруна берген жоопторун көрсөтүп кетсек болот. Арстанбек 24-25 жаш курагында Казыбайдын 16 жашар ырчы кызы Айганышка ашык болуп калат. Кыздын жеңеси Акылай менен Арстанбектин шакирти Солтобайдын жардамы аркылуу эки жаш жолугушат, ашыктык сезимдери ачыкка чыгып, бирин бири жактыргандарын моюнга алышат. Ошондо айдай сулуу Айганыш: “Эр жигиттин үч шериги, үч асыл мүнөзү, жашоодогу үч касиети, үч душманы, үч начар жактары, үч кесири кайсылар?” – деп он сегиз суроону бир коёт.

Жараткандан тубаса акыл туюму өзгөчө төрөлгөн Арстанбек айдай сулуу Айганыштын суроолоруна нукура элдик дүйнөкабылдоонун чен-өлчөмүнөн туруп момундай деген нускалуу жообун узатат:

*“-Эр жигиттин үч шериги, үч асыл мүнөзү, үч душманы, үч жаман жагы, үч кесири кайсы, - дегенде, Арстанбек төмөнкүдөй жооп бериптир:*

*– Эр жигиттин үч шериги – айнышпас асыл жубайы, жакшы аты, жанга күйөр досу.*

*Үч асыл мүнөзү булар: чынчыл болсоң, кол жеткис бийик чынарсың; адал жүрсөң, айнышпас турмушуңда кумарсың; адилет болсоң, калкыңда калыс бийлик кыларсың.*

*Үч кереги – аш, от, суу. Аш – өмүрдүн кулазыгы, суу – өмүрдүн булагы, тиричилик, жан берген, тамчысы кан берген, от – өмүрдүн өзөгү.*

*Үч душманы: жалкоолук – кайнатчу шоруңду, аңкоолук – агызат бир күнү каныңды, жатактык – уурдаткороодогу малыңды.*

*Үч жаман жактары: жалтанчактык – алдырат оозуңдагы наныңды, жагымпоздук – көрүнгөнгө бүгүлөсүң, боло албайсың жагымдуу, жалганчылык – жоготосуң арыңды.*

*Үч кесири: ушакчылык – кыйнайсың жаныңды, алдамчылык – ача албайсың багыңды, мактанчаактык – кетиресиң баркыңды...”*

Мын ошентип, Арстанбектин ай жүздүү кызга берген жообун окуп гана кумардан чыгуу керек. Жоопту ар бир түрмөгү терең мааниге, омоктуу ойго чулганган.

Ал эми улуу төкмөнүн казак ырчысы Каңтарбай менен болгон айтышында Арстанбектин алгачкы сөзүнөң кийин эле казак ырчысы обдула калып:

– Мен жауп бермей-ак жеңилдим, – деп ыраазычылыгын билдирип тура жөнөгөнүнөн эле Арстанбек ырчынын айтыш өнөрүнүн залкар өкүлү экендигин ачык-айкын туябыз. Каңтарбай менен болгон айтышында Арстанбек ырчы “санат сөзүм сан эле, санжыра сөзүм кап эле, нуска сөзүм кум эле, кордосом сөзүм шум эле” деп баштап келип, “оозум менин шок эле” “терме сөзүм ок эле” “беделиң түшүп калбасын” андан көрө “замана ырын ырдайлы” деп сөз баштап, азыркы заман не заман экендигин, мурдагы заман кантип өзгөрүп кеткендигин, не деген алаамат күн башка түшкөнүн ырдайт. Арстанбектин айтканы баштан-аяк толугу менен ырчынын “Тар заманы” менен үндөшүп турат. Замандын сыру качкандыгын, “Түрү суук заманды, айта берип боруктум” деп айтып, калк башына каран түн түшкөнүн ырга салат. Айтыштын бул бөлүмү жүрөк-жүлүндү өрттөгөн сапарга өтө бай, каңырык түтөткөн ойлору мол.

Ал эми даңазалуу Сүйүнбай менен болгон айтышта эки ырчы бирден алым-сабак ташташкандан кийин эле катышып отурган эл башылары андан ары айтыштырбай экөөнү тең токтотушуп: “Экөөнө тең ыраазыбыз. Мындан кийин бири-бириңдин алдыңарга чыкпагыла”, – дешип ынтымакташтырып, байгесин тең бөлүп беришет.

Улуу ырчынын айтыш ырлары жөнүндө кеп салганыбызда залкар төкмөнүн өмүр соңунда атайын тээ алыскы Аксыдан ат арытып барып, акындык акыл сөзүн, устаттык улуу накылын угайын деп келген андагы жаш ырчы Жеңижок менен болгон алым-сабак айтышын эскербей кетүүгө болбойт. Анткени, бул айтышта улуу менен кичүүнүн учурашуу салты, биринин өнөрүн бири баа берүү сыяктуу мындай учурдагы айтыштын формалдуу эреже-талаптары сакталганы менен бул жолугушуунун негизи баалуулугу башкада. Тагыраак айтканда, дал ушул айтыш учурунда акындыктын аруу озуйпасы, ырчылыктын башкы милдети, элдик талант болуунун эң башкы эрежелери Арстанбек тарабынан жүрөк-жүлүнгө жетээрлик деңгээлде ырга салынган. Дагы да тагыраак айтчу болсок, бул айтышта улуу Арстанбек тээ томуктай кезинде колуна комуз алган учурунан тартып атагы атпай журтка тараган айтылуу актандай акын даражасына жеткен учурдан бери, бүгүнкү өмүрдүн кечи жакындап калган кезге чейин өзү бекем тутунуп келген акындык кредосун ортого салат, жаш Жеңижок үчүн накыл сөз деп туруп анысын жалпыга жарыя айтат. Арстанбектин терең ишениминде элдик ырчы момундай болуш керек:

*Ырчы болсоң, сынчы бол,*
*Зөөкүрдү чабар камчы бол,*
*Кургак жерге тамчы бол...*

***

*Жесирлерге жөлөк бол,*
*Жетимдерге көмөк бол,*
*Канкорлорго касап бол,*
*Калп айтканга мазак бол...*

***

*Ашта, тойдо мырза бол,*
*Аптыгып алкым агытпай,*
*Акындарга нуска бол,*
*Кара өзгөй болбой калыс бол,*
*Кошоматтан алыс бол...*

***

*Эрегиш чыкса элчи бол,*
*Эл-журтуңдун кенчи бол...*

***

*Таразанын ташы бол,*
*Ырчылардын башы бол...*

***

*Элдин зарын зарлап өт,*
*Эзелки ырын ырдап өт.*
*Эл көңүлүн чалкытып,*
*Эргүү алып, жыргап өт...*

***

*Чечендердин сөзүн ук,*
*Көсөмдөрдүн көчүн ук...*

***

*Дубананын зарын ук,*
*Мүлдө журттун баарын ук...*

***

*Адеби жок ырчынын*
*Артында жаман сөз калат,*
*Анык нуска ырчыдан*
*Ааламга кетчү кеп калат.*
(136, 137, 138, 139-бб.)

Бүгүн баарыбызга маалым болуп олтургандай, улуу Арстанбек өзү дал ушундай ырчы болуп өткөн, Жараткан жар болгон талантын жамы журтка арнап, калктын капасын, элдин эңсөөсүн ырга кошкон. Ал эми чыныгы элдик ырчы үчүн мындан өткөн бакыт барбы да, мындан өткөн таалай барбы.

**Колдонулган адабият**


1. Арстанбек. Ырлар. (Түзгөн жана басмага даярдаган Б.Кебекова). – Б.; Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы. 1994. (Мындан ары беттерин ана көрсөтөбүз).

2. Кебекова Б. Арстанбек Буйлаш уулу. // Кыргыз маданияты. 1993.1-сентябрь.


ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№8
(306)

30
08
2024

kyrgyztili@mail.ru

# БАЙЫРКЫ ЖУРТ – ЭРГЕНЕКОН

*(Уландысы, Башы 5-бетте)*

Андыктан Кытай жылнаамасындагы көк түрктөрдүн бабалары баш калкалаган бийик тоо да, Рашид аддин менен Абулгази Бахадур хан сөз кылган Эргенекон да Алтай тоолорунун түштүк-батыш беттери менен шайкеш келбейт. Негизи, Ашина династиясынын жаратылыш уламышы жазылган кытай жылнаамасынын биринде бул тоо Гаочандын (Турфандын) түндүгүндө экендиги (Билэгт, 2007, 222-б) .айтылганы менен, ушул жылнаамадагы экинчи уламыш бул жерди Алтай тоолорунун башка тарабынан издөө керектигин шарттайт. Ал уламыштагы душман чабуулунан аман калган кишинин балдары мамлекет курган жерлер Турфандан алыс жайгашкан жерлер менен – Абакан, Енисей, Батыш Саян тоолору менен шайкеш келет. Уламышта төртүнчү уулдун мекени анык аталбаса да, уламыштагы саптардан бул жердин Алтай тоолорунун түндүк тарабы экени түшүнүктүү болот. Аталган уламышта бир туугандар байырлаган жерлердин өтө суук экендиги, агалары от жагууну үйрөнгөндө, башкалары аны башчы кылып шайлаганы айтылат.

Түрк академиясы 2014-2015-жылдары атайын долбоор алкагында Эргенеконду издөө иштерин жүргүзгөн. Анын натыйжасында Алтайдын Берел аймагынын жогору жагынан 3 миң метр бийиктиктеги Каракаба түздүгүнөн II - VII кылымдардагы конуш аймагы табылган. Андагы Каракаба коргонунан табылган VII-VIII кк таандык байыркы түрк комузу реконструкциаланып, Түрк мамлекеттеринин президенттерине, алардын арасында Кыргыз Республикасынын мурдагы президенти С. Жээнбековго да берилген. Алтай тоолорунун түндүк-батышындагы Чыгыш Казакстандын Катон-Карагай аймагында археологиялык казуу иштери жүргүзүлгөн.

Натыйжада академия тарабынан Түркия, Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан, Татарстан, Өзбекстан жана Монголия элдеринин компетенттүү окумуштууларын Казакстандын Алтайына 20 чакырып, аймакка атайын илимий экспедиция уюштурулган.

Анын натыйжасында түрк тарыхын изилдеген окумуштуулар ушул аймак Эргенекон болуусу мүмкүн деген чечимге келишкен. Чындыгында бул жер, биринчиден, Эргенекон дастанында сүрөттөлгөндөй төрт тарабы тик аскалар менен курчалган, кол тийбеген табияты коз, токойлуу, мол суулуу жашыл аймак экен. Экинчиден, тоолордун төбөсүндөгү өтө чакан ушул түздүктө гана металлдын бай запасы бар экени белгилүү. Үчүнчүдөн, археологиялык казуу иштеринин натыйжасында мында гундардын соңку мезгили менен көк түрктөрдүн башталыш мезгили болуп эсептелген доордо түргундардын узак убакыт бою өмүр сүргөнү аныкталды. Кандай болгон күндө да, адам баласы жер бетине түшкөн учурдан баштап жоготкон бейишин издей баштаганы анык. Андыктан, «Жер уюк (Бейиш)» түшүнүгү көптөгөн санжыра-уламыштарда, байыркы китептерде, илгерки салтын сактаган улуттар менен элдерде кездешет. Ал эми түбү бир түрк элдери гана эмес, жалпы жылкынын жалында чоңойгон жоокер көчмөн элдердин бардыгы Алтайды касиеттүү деп эсептеп, кадырлагандыгы да чындык. Ошондон болсо керек, Алаштын атактуу акыны Магжан бийик Алтай тоосун азоо тайдай болгон түрктү тапкан алтын энеге, ата мурасы – алтын такка теңейт. Алыста оор азап чеккен бир боорун ак сүтүн ээмп, баш паанек таптап Алтайга кайра кайтууга чакырат.

Бул жерде эске ала турган дагы бир жагдай, бүгүнкү күнү бир нече мамлекеттин энчисине таандык бийик Алтайдын төрт тарабын – Казакстан, Россия, Монголия жана Кытайга тиешелүү аймактарын казактардын мекендегендиги. Бул жагдай да, Магжан акын айткандай, көп түрк эли энчи алып таркаганда, башкы боз үйдүн түндүгү казакта калганын айгинелегенсип турат. Демек, эзелтен бери алтын казык Тарыхый Алтайды – Эргенеконду тегерете конуш кылып, касиеттүү жерин, ата-журтун кастарлап келген түрк элдеринин тарыхый журтунун кубаттуу, табияты бейиштей, жер алды, жер үстү байлыктарга бай бир бөлүгүндө казак улутунун Түбөлүк өлкө идеясынын кайра жанданууcу мыйзам ченемдүү көрүнүш.

**Колдонулган адабияттар:**


Әбілғазы Б. Түрік шежіресі. – Алматы: Ана тілі, 1991. – 208 б.

Билэгт Л. Раннемонгольские племена (этногенетические изыскания на основе устной истории). – Улан-Ба тор, 2007. – 222 с

Бичурин Н.Я. (Иакинф). Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. В 3-х томах. – М.–Л., 1950–1953

Банзаров Д. Собрание сочинений / Отв. Ред. Д. Б. Улымжиев; Предисл. В. Ц. Найдакова; РАН. Сиб. Отд ние. Бурят. Ин-т обществ. Наук. – 2-е изд., доп. – Улан Удэ: Изд-во БНЦ СО РАН, 1997. – 240 с

Келімбетов Н. Ежелгі әдеби жәдігерліктер. – Алматы: Алатау баспасы, 2005. – 332

Кызласов Л. Р. Ранние монголы (к проблеме исто ков средневековой культуры) / Л. Р. Кызласов // Сибирь, Центральная и Восточная Азия в средние века. – Новосибирск 1980. – С. 136–148.

Кычанов Е.И. Монголы в VI-первой половине XII в. / Е.И. Кычанов // Дальний Восток и соседние тер ритории в средние века. – Новосибирск, 1980. – С. 136–148

Пэрлээ Х. Гурван монголчуудын аман түүхийн мөрийг мөшгөсөн нь. // Studia Histórica, T.8, fasc.6. – Улаанбаатар, 1969.

Рашид ад-Дин. Сборник летописей. Том-1, книга вторая (перевод с персидского О.И. Смирновой, при мечания Б.И.Панкратова и О.И. Смирновой, редакция проф. А.А. Семенова). М.–Л., 1952. – 315 с

Салғарауұлы Қ. Ұлы қағанат. – Астана: Фолиант, 2008. – 552 б.


# ФИЛОСОФИЯЛЫК ЛИКБЕЗ: **АБИЙИР**

*(Уландысы, Башы 3-бетте)*

Адамдын абийири, алардын териси сымал бардыгына бирдэй эмес: бириники - назик, башка бирөөсүнүкү - чочконукундай калың. Мен абийири өтө назик адамдарды билчүмүн, алар күн ордунда кыймылсыз турганына ишенген эмес, нандын күкүмүн да эч качан басышмак эмес, бирок жесир менен жетимдердин эмеректерине ээлик кылышчу…

Мен эмне үчүн замандаштардан эмес, келечек муундун алдында көбүрөөк уялышыбыз керек экендигин түшүнбөйм.

### Вольтер

Адатка айланган кылыктар үчүн адамдар эч качан уялбайт (абийир алдында кызарбайт).

### Дидро

Абийирсиз болуу б.а. кемчиликтин жаман экендигин сезбөө терең бактысыздык болуп эсептелет, бирок абийирге ээ болуп ага каршы күнөө кылуу өзүн көзү тирүү кезинде эле өкүнүүгө жана тынымсыз кабатырланууга кирептер кылат.

### Ламетри

Ким элди кыйнаса, ал өзүн кыйнайт.

### Гельвеңий

Киши өлтүрүгүчтү куралсыздандыруу үчүн абийирдин ойгонушу жетиштүү болот. Мындай заардуу жана андан кийинки азап чегүү жөнүндө ойлонбой турган желмогуз, жүрөктүү адам жок. Мунун укмуштуудай коркунучтуу экендигин жашыруунун жападан-жалгыз жолу кылмыш жөнүндөгү ой боло турган азап чегүү жөнүндөгү менен гана ассоцияланбай, өзүнүн айбанчылыгы үчүн сыйга бөлөнүп, ырахаттануу жөнүндөгү ойду жараткан анын фанатизмин өркүндөтүү керек.

### Кант

Моралдык мыйзам ыйык (бузула тургандай эмес). Адам, чындыгында, анча ыйык эмес, бирок адамзат … ыйык болушу керек.

Биз абийир деп аталган, биздеги таң калычтуу жөндөмдүүлүктүн … Адам өз күнөөсүн моюнга алыш үчүн өзүнүн мыйзам бузган жүрүш-туруштары жөнүндө атайын жасалбаган одонолук жөн гана калпыстык деп канча болсо кууланышы мүмкүн, бирок ошентсе да, ал аны жактап сүйлөп жаткан адвокат күнөөкөрдүн өзүн-өзү күнөөлдөсүнө тыюу сала албай турганын көрүп турат.

Уятсыздык абийирдин жоктугу эмес, тек гана ал жеңүндө ойлонууга гөнүл бурбоо.

Адамдагы ички сотту аңдай билүү- бул абийир.

### Гегель

Мындай деп айтса болот: абийир - бул жакшы жолду жарык кылуучу шам чырак, бирок ал качан жаман жолго бурулганда аны сындырып салышат.

Өзүнө каршы өзүн аңдый турган таза эмес абийир чыныгы турмушка коошпогон жолду тутат жана мындай идеал адамдын өзүндө.

### Фейербах.

Чыныгы жазуучулар - бул адамзат абийиринин …

Абийир башкача сыяктанган нерселерди дааналайт, ал биздин мокой тушган сезимибизге туюлгандай жана даана байкалгандай кылып аларды чоңойтуучу миркроскоп. Ал жүрөк метафизикасы .

Эгерде сен таза абийириңди жоготпосоң, эгерде сен абийирдин дооматтарын оорулуу, чыңалган жан-дүйнөнүн көбүрүп-жабырылган куулукшумдуктары катары карасаң, кайран гана адамзат.

### Гумбольдт

Адам канчалык эркин болсо, ал ошончолук өз алдынча жана башкаларга үлгү.

### К.Маркс.

Айбан болгуң келсе, анда албетте, адамзаттын азап-муңуна артыңды сал жана өзүң жөнүңдө гана кам көр.

### Л.Н.Толстой

Сенин абийириң жактырбагандардын бардыгынан сактан.

Адамзат үчүн эң башкы эле эмес жападан жалгыз иш - нарк- насилдин мыйзамын түшүнө билүү.

### В.А.Сухомлинский

Каалоо-мүдөөлөрдү башкара билүү - бул эң жөнөкөй көрүнгөн бирок өтө эле татаал адамдын адаты - адамкерчиликтин, ийкемдүүлүктүн, ак пейилдин, ички өзүк тартиптин булагы, ансыз чыныгы адам жок.

### Махатма Ганди

Адам жакшы же жаман жүрүш-турушу менен да ар дайым сыйлоого же жектөөгө арзыйт.

### Гөтө

Жүрүш-туруш - ары-бери өзүн көрсөтө турган күзгү.

### Гегель

Нарк-насил - бул эркиндиктеги баш ийүү.

### Ж.Баласагын

Адам өлөт бирок аны жакшы аты өчүрбөйт.

Балдар жөнүндө кам көрүү - түпсүз деңиз сен түбөлүктүү эмеспи. Сенин атың түбөлүктүү, эгер сенин атың түбөлүктүү болсо сен да түбөлүктүүсүң.

Көңүл тереңинде кыт куйгандай орногон көйгөйлүү, санаага салып түйшөлткөн ойлордун соңунан астейдил алтаарыбыз азгырыкка алдырбайын деген Адам баласы абийирине шек келтирбес. Азгырык менен абийирдин арбашы адамдыктын беделине жараша чечилер.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№8 (306)

30 08 2024

kyrgyztili@mail.ru



# КУРТ ВОННЕГУТ
# ХАРРИСОН БЕРГЕРОН

**Англис тилинен которгон Эрмек ШОРУКОВ**

2081-жылы акыры бардык адамдар тең укукка ээ болду. Алар Кудайдын, анан мыйзамдын алдында гана тең боло алышкан жок – бири бирине бардык жагынан бирдей болуп калышты. Эч кимиси ашкере акылдуу же кызылы кызыл, агы ак эмес. Биринен бири күчтүүсүнгөнү же машсынганы жок. Мындай теңчиликтин бардыгы Конституциянын 211, 212, 213-беренелерине киргизилген түзөтүүлөрдөн, Кошмо Штаттардын Хендикаппер генералынын агенттеринин чычканга кебек алдырбаган кыраакылыгынан улам болду.

Кандай кылган менен жашоодогу айрым жагдайлар шыдыр кете койгон жок. Алсак, апрелдин жаз айы болбой калганы элдин башын маң кылды. Так ошол сааттуу айда Хендикаппер генералдын кишилери Жордж менен Хейзел Бержерондун он төрт жаштагы уулу Харрисонду алып кетишти.

Бул мүшкүл иш Жордж менен Хэйзелди анчалык ойго салган жок. Чочугансып бирдемени эстегени болбосо, Хейзелдин акыл-эси кирди-чыкты болучу. Ал эми Жорждун акыл-эс жөндөмү калыптагыдан бир топ жогору болгондуктан кулагына чак радио кулакчын илинген. Өкмөттүк өткөргүчкө туташтырылган кулакчынды мыйзам талабы боюнча кайсы учур болбосун тагынып жүрөт. Ар бир жыйырма секунд сайын өткөргүч татыксыз артыкчылыктан ажыратып, Жорж сыяктуу акылдуу адамдардын мээсинен пайда алыш үчүн ачуу үн чыгарат.

Жорж менен Хазел телевизор көрүп жатышат. Хейзелдин жаагынан ылдый жаш куюлат, бирок эмнеге ыйлап жатканын саамга унутуп койгон.

Телевизордон балериналар көрүнөт.

Кагылган коңгуроодон улам Жорждун ойлору дүрбөлөңгө түшүп, айгай үндөн үрккөн каракчылардай чачырады.

– Суйсалган бийчилердин бийи сонун болду, – собол таштады Хазел.

– Аа? – деди Джордж.

– Бий жакшы болду деймин, – деп жооп берди Хазел.

– Ии, – ооз учун кыбыраткан болду Жорж.

Ал бийчилерге көңүл бурганга аракет кылды. Чындыгында алар ойдогудай эмес болчу – жан бүткөндүн эч кимисинен артык эмес. Моюндарына бытыра толтурулган каптар илинип, беттери чүмбөттөлгөндүктөн, кебездей жеңил кыймылын, бышкан үлбүр эриндерин эч ким көрө албайт.

Бийчилерге тийбей тим коюп, кемтилгеден алыс кылса артык болот деген бүдөмүк ой келди, бирок кулагына радионун дагы бир ызы-чуу үнү ой чулгоосун чачыратып жиберди.

Жордж бети-башын тырыштырды. Сегиз бийчинин экөөсү да ошентти.

Хазел күйөөсүнүн ушинткенин байкады. Анын акыл-эс жөндөмү радио кулакчынга муктаж эмес болгондуктан, кандай үн чыгып жатканын Жорждон сураганга аргасыз.

– Кимдир бирөө сүт бөтөлкөсүн балка менен уруп жаткандай угулат, – деди Жорж.

– Ар кыл үндөрдү угуу чындап эле кызыктуу болсо керек, – деди Хейзел ичи күйгөндөй. – Бардыгын кылдат ойлонушкан, зерикпейсиң.

– Ал жагы бар, – деген болду Жорж.

– Бир гана, эгер мен Хендикаппер генерал (Сөлпү кол башчы) болсом, эмне кылмакмын билесизби? – деди Хейзел. Чындыгында Хейзел Диана Мун Глемперс аттуу Хендикаппер генералга абдан окшош болчу. – Эгер мен Диана Мун Глемперстин ордунда болсом, жекшембиде коңгуроо какмакмын. Диндин урматына.

– Эгер жөн гана коңгуроо болсо, ойлончу жерде экен, – деди Жорж.

– Үнүн катуу чыгарса, бардык маселе чечилет эле, – деди Хейзел. – Менден мыкты Хендикаппер генерал чыкмак.

– Кимден болбосун жакшы чыкмак, – деди Жорж.

– Эреже-ченем деген эмне экенин менден башка ким билет? – деди Хейзел.

– Туура, – деди Жорж. Анын оюна эреже карманганды билбеген абактагы уулу Харрисон жөнүндө ойлоно баштады, дал ушул учурда башындагы жыйырма бир атым муну токтотту.

– Ошондой де! – деди Хейзел, – кыязы, сага жакшы таасир этken экен да?

Жорждун өңү купкуу болуп кетти, мууну калтырап, кызарган көздөрүнүн четинде жаш тегеренип турду. Сегиз бийчинин экөөсү чекелерин кармаган бойдон студиянын полуна жыгылышты.

– Өңүң кубарып кетти, чарчадың окшойт, – деди Хейзел. – Диванга бут сунуп жата тур, мойнуңдагы дорбону жаздыкка кой. – Ал Жорждун мойнуна кулпуланган кырк жети кило бытыра толтурулган кенеп капты айтып жаткан. – Каптан арыла турчу, бир азга мага тең келбей турсаң эч нерсе болбойт.

Жорж капты колу менен салмактап көрдү.

– Мага тоскоолдугу деле жок, – деди ал. – Ага көнүп калдым. Денемдин бир бөлүгү болуп калды.

– Акыркы күндөрү арып-тозуп кеттиң, – деди Хейзел боору ооруп. – каптын түбүн акырын тешип, коргошун шариктен азайтып коёлу.

– Ар бир чыгарылган шарикке эки жыл түрмө, ага кошумча эки миң доллар айып пулу да бар, – деди Жорж. – Мындай соодалашууга ким макул болсун?

– Жумуштан келгенден кийин бир азын алып коёсуң, – деди Хазел. – Айтайын дегеним – сен бул жерде эч ким менен жарышпай элесиң. Жөн эле эс ала бер.

– Эгер ушинтип андан кутулууга аракет кылсам, – деди Жорж, – анда башкалар да ошону кылышмак. Ошол эле замат баары бири бирине атаандашкан караңгы доорго кайтмакпыз. Ушуну каалайсыңбы?

– Андайды жек көрөм, – деди Хейзел.

– Мына сага, – деди Жорж. – Адамдар мыйзамды айланып өтө баштаганда, коомго коркунуч жараларын ар бир жан билүүгө тийиш.

Эгер Хейзел бул суроого жооп таба албаса дагы, Жорж ага жардам бериштен алыс болчу – сиренанын ачуу үнү чыкыйынан өтүп жатты.

– Баары канабайран болмок, – демиш болду Хейзел.

– Эмне болмок? – деп оозу бош сурады Жорж.

– Коом, – деди Хейзел ишенимсиз. – Жаңы эле айтканыңдын мааниси кандай?

– Аны ким билсин? – деди Жорж.

Телеберүү күтүүсүздөн үзгүлтүккө учурады. Маанилүү кабар келип түштү. Кабар эмне жөнүндө экени адегенде түшүнүксүз болду, диктор бардык дикторлор сыяктуу эле сүйлөө жагынан олуттуу кемтилгеси бар болучу. Толкунданган диктор жарым мүнөттөй “Айымдар жана мырзалар” деп айтууга аракет кылды.

Акыры окуй албастыгына көзү жетип, баракты бийчиге окуганга берди.

– Кандай азамат, – деди Хейзел дикторду мактап, – ал аракет кылды. Мунун өзү чоң кадам. Ал Кудай ага бергендин баарын кылууга аракет кылды. Мынчалык аракет кылганы үчүн айлыгын жогорулатыш керек.

– Айымдар жана мырзалар, – деди балерина кагазды окуп жатып. Кийген жийиркеничтүү беткабы өзгөчө сулуулугун жаап тургандай. Анын кенеп каптар токсон килограммдык эркекке туура келгендигинен ал бардык бийчилердин ичинен эң күчтүүсү, эң сулуусу экени оңой баамдоого болот.

Ал өзүнүн назик, жылуу, обондуу үнү үчүн кечирим сурооого туура келди – телевизордон мындай үн менен сүйлөгөнгө болбойт. Мүмкүн болушунча жаман кылууга далалат кылып, кайра окуй баштады.

– Харрисон Бергерон, он төрт жашта, абактан качып кетти, – сөздөрүнүн аягын жутуп окуй баштады. – Ал өкмөткө каршы кутум уюштурган деген шек менен тергөөдө кармалып турган. Сейрек акыл-эске, кара күчкө эгедер, кенеп кап менен кемечтелген. Өтө коркунучтуу.

Экранда Харрисон Бергерондун сүрөтү пайда болду, алгач тескери, анан капталынан, кайра тескери, акыры бет маңдайынан көрсөтүлдү. Полиция тарткан фотосүрөттө Харрисон метрикалык тордун бери жагына тартылгандыктан бою эки метрден ашкандыгы дароо көрүнүп турат.

Харрисондун көрүнүшү аспаптарды илчү алты бакандды элестетет, өзүнчө эле Хэллоуин. Мындай оор кенеп каптарды башка эч ким кийген эмес. Харрисон ушунчалык тез өскөндүктөн, Хендикаппердин кишилери жаңы чектөөлөрдү ойлоп тапканга үлгүрбөй калып жатышты. Кичинекей радио кулакчындын ордуна акыл-эсин чектеген зор кулакчын, анан калың быдырлуу сарапчы тагынып жүрүүгө аргасыз болчу. Көз айнек жарым сокур гана кылбастан, жан чыдагыс баш оору алып келчү.

Харрисондо салбыраган темир соот көзгө дароо урунат. Адатта, күчтүү адамдарга кенеп каптар өтө кылдаттык менен жасалып, кынаптап илинет. Жүз элүү килодой жүктү көтөргөн Харрисон басып жүргөн таштанды короодой көрүндү.

Келбетин ойдогудай кылыш үчүн Хендикаппердин кишилери мурдуна кызыл тоголок топ тагынууну, кашын кырдырууну, аппак тиштерин орсоктерсек кылып кара кийме менен каптоону талап кылышты.

– Эгер бул баланы көрүп калсаңар, – деди балерина, – кайталап айтам, аны менен сүйлөшүүгө аракет кылбагыла.

Бир маалда илгичи үзүлгөн эшиктин үнү угулду.

Телевизордон адаттан тыш кыйкырыктар, үрөй учурган үндөр чыкты. Экрандагы Харрисон Бергерондун сүрөтү жер титирөөнүн толкунуна кабылгандай кайра-кайра секирип турду.

Жорж Бергерон капыс каргашаны дароо боолголоду, мында таң калыштуу эч нерсе жок болчу – өз үйү бул күрүлдөккө алда курдай бийлеген жайы бар.

– Кудай ай, – деди Жорж, – бул Харрисон болсо керек!

Бул ой түрмөгү Жорждун аңсезимине байырлаганга үлгүрбөстөн, машинанын чайкылдаган үнүнөн бута атым учуп кетти.

Жорж көзүн кайра ачса, Харрисондун сүрөтү жок болуп, экранда чыныгы Харрисон пайда болду.

Студиянын ортосунда клоундай олдоксон, шалдыраган металл турду. Колунда допшосу менен жулунган эшиктин туткасы. Балериналар, техниктер, музыканттар, дикторлор өлүмдү күткөндөй анын алдында тизе бүгүп турушат.

– Мен императормун! – деп Харрисон жарыялады. – Угуп жатасыңарбы? Мен императормун! Баарыңар мага кың дебестен баш ийишиңер керек! Айтканым – айткан, дегеним – деген!

Ал бутун жерге бир койду эле, студия силкилдеп кетти.

– Кебетемди карагыла, – деп кыйкырды Харрисон. – Жатар-конорум ушул темир менен, майыптыгыма, азап чеккениме карабастан, бардык адамдардын ичинен эң күчтүү башкаруучусу менмин! Ким болгонумду өзүңөр карап баккыла!

Харрисон эки миң үч жүз тонна жүккө туруштук бергидей соотту илип турган кайыш курларды ным кагаз тасмасындай оңой эле үзүп салды.

Үстүндөгү соот быт-чыты чыга жерге күр дей түштү.

Харрисон туулганы бекиткен кулпуга баш бармагын салар менен кулпунун кулагы куураган жалбырактай чачырап кетти. Кулакчыны менен көз айнегин дубалга бир чаап, эсебин тапты.

Ал резина мурдун жулуп ыргытып, күн күркүрөгүнүн кудайы Тор өзү эси чыккыдай адам эл алдында турду.

– Император айымымды тандайм мен! – деди ал тизе бүгүп турган элди карап. – Ким өйдө турууга батынса, ошол айым өз жары менен тактысын кошо тандайт!

Арадан бир аз убакыт өткөн соң талдай солкулдаган балерина ордунан турду.

Харрисон кыздын кулагындагы кулакчынды жулуп алып, сылык-сыпаалык менен мойнундагы жүктөрдү бошотту. Акырында беткабын чечти.

*(Уландысы кийинки санда)*

Чоюн Өмүралиев - эгемендиктин биринчи күндөрүнөн тарта кыргыз мамлекеттүүлүгү маселесине: философиясына жана практикасына туруктуу түрдө кайрылып, системалуу илик жүргүзүп келаткан бирден бир авторлордон болуп саналат. Тематикалык өңүттө тандалган; мурда жарык көргөн материалдардан түзүлгөн бул китеп - автордун отуз жылдан берки ой толгоолору өзөгүндө өзгөрүүсүз, туруктуу өнүгүп жүрүп отургандыгын күбөлөйт, демек, келечектүүлүгүнөн кабар айтат.




ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№8 (306)

30 08 2024

kyrgyztili@mail.ru

# Таалайбек уулу Канатбек



## Соолбос сезим

*Жолугат деп бул күнү мага бактым,*
*Жолдошторго белекти даярдаттым.*
*Колумда гүл, короздой жасандым да,*
*Кооз сөздөрдү кайталап бара жаттым.*

*Бүгүн неге сүйүүгө мастай болдум,*
*Бүгүн неге үйдө тынч жатпай койдум?*
*Үнүн угуп үмүттүү кайтсам дегем,*
*Үйүн таптым, үрүмдү таппай койдум.*

*Азыр келет салынып жоолук курбум,*
*Жакшылыкка баарысын жоруп турдум.*
*Үшүп-тоңуп көк муздун үстүндө кеч,*
*Үтүрөйүп көк муштум болуп турдум.*

*Эмне гана дедирбейт ойдун күчү,*
*Ак сүйүүгө, - деп алдым, - тойдум ушу.*
*Коомай басып колумдан кармаса дейм,*
*Коңгуроомо жооп жок... кордук ушу!*

*Бүгүн аны көрбөсөм, бугум артып,*
*Жанымды жай алдырбас бу кумар түк.*
*Жадакалса үрүмө суна турган,*
*Суук да турду гүлүмө сугун артып.*

*Ызгаар неге артыман түшүп алды,*
*Муз, кар неге алдыман күтүп алды?*
*Такыр кетпей көзөрүп турup алсам,*
*Акыр түбү гүлүмдү үшүк алды.*

*Текеберлик: "Болду эми, кет", — деп атты,*
*Андай ойду жүрөгүм жектеп атты.*
*Таң атканда жолукту аруум, бирок,*
*Гүлүмдү алып, сүйүүмдү четке какты.*

*Бүгүн мейли баарысы кодуласын,*
*Бүгүн мейли башыма тоо куласын.*
*Соолубаган гүл болбос ырасында,*
*Ага болгон ак сүйүүм соолубасын.*

28.01.24

## Жамгырлуу кеч.

*Мөлтүрөгөн көзүңө арбап алып,*
*Ыр түнөгөн өзүмө байлап алып.*
*Келе жаттык бирибиз бирибизди,*
*Жандап алып, нөшөрлүү жаанда калып.*

*"Кереги жок, агатай, кол чатырың,*
*Автобуска түшпөйбүз жол да тыгын".*
*Деген сөзгө жалындап бүткүл денем,*
*Оол кала жаздады олда акылым.*

*Көйгөй болду көйнөгүң чапталышып,*
*Көйрөңүң тур ан сайын накта кызып.*
*Келе жаттык көчөдө көлчүктөрдөн,*
*Аттап учуп, тамандан баткак учуп.*

*Жамгыр жууган жамалың жагат улам,*
*Сымбатыңа сын жетпей барат улам.*
*Көр адам да өзүңдү көрүүчүдөй,*
*Каптаса да дүйнөнү кара туман.*

*Токтобошун жамгырдын каалап аттым,*
*Жол узарсын деп ичтен самап аттым.*
*Күзгү жаанда көлчүктү күзгү кылып,*
*Кыялымда чачыңды тарап аттым.*

*Сен жанымда көрктөнүп бара жаттың,*
*Мен жамгырда өрттөнүп бара жаттым..*

***

*Сагындым жаным,*
*Сен жемелеп мени урушуп жаткан кезди,*
*Мен алдыңда моло таштай каткан кезди.*

*Арман, аттиң!...*
*Жалгашкан жолубуз да,*
*Кармашкан колубуз да ажырады.*
*А сен канттиң?*

*Бейиштейим.*
*Өмүр өтүп кеткенче сени издейин,*
*Таш төлдөгөн талаадан, калаадан да.*
*Баш бербеген шамалдай кайда кеттиң?*
*Эгиздейим.*

*Уу ууртаймын...*
*Ак сүйүүмдү а бирок улуктаймын.*
*Таңдай теше тамшанткан эриниңди,*
*Унутпаймын.*

*Мен сени жүрөгүмө,*
*Өрүктүн данегинде катып алып,*
*Көзүмдүн карегинде сактап өтөм.*
*Болсо да түнөгүңө башка, бөтөн.*

## Жоолукчаным, мен эми жолуга албайм

*Сага болгон сүйүүмдү бийиктетип,*
*Туура кылдың башкага тийип кетип.*
*Колдо жүрүп, алтыным, кор болгуча,*
*Башка жашаар баркыңды билип, сезип.*

*Сунган күнү күйөөңө ак чыныңды,*
*Сулап жатып сууладым жаздыгымды.*
*Ортосунда жүрөмүн үйку соонун,*
*Жаштыгымбы билбеймин мастыгымбы...*

*Көздөрүңдү чалкыган көл деңү элем,*
*Сөздөрүңө балкыгам, бөлбөчү элем.*
*Өзүмдү абдан жакшы билген үчүн,*
*Өзгө тургай өзүмө ырaa көрбөчү элем...*

*Мээримиңе калсам да толук канбай,*
*жүрсөм деле мертинип оорукчандай.*
*Апамды аям айылда күтүп калган,*
*Жоолугуңдун үстүнө жоолук салбай.*

*Менде ушундай, сенде да жаңылык миң,*
*Арман, ызаа, ыйыңдын баарын уктум.*
*"Кездешели",- деп айттың кеч болсо да,*
*Пендесиң да, периштем, жаңылыпсың...*

*Жүз жыл бою жаздырчу сонун ырлар,*
*Жүрөгүмдүн төрүндө ордуң бар.*
*Жоболоңдуу иш кылба "жолугам",- деп,*
*Жолуга албайм антгени жоолугуң бар!...*

25.10.23

## Апама

*Апаке, сиздей айымга,*
*Тең келбейт Күнүң, Айың да!*
*Дем берген күч бар, асылым,*
*Демделген ысык чайыңда.*
*Периште сенсиң деп билем,*
*Бейиштей болгон айылда.*

*Ак наның сиңип карынга,*
*Ак сүтүң жүрөт каныңда.*
*Өзүңүз өпкөн эки бет,*
*Өрттөнбөй чыдайт жалынга.*
*Апа, сиз айткан насаатты,*
*Айталбайт экенаалым да!*

***

*Сен карабай кеткенде*
*Карегим канап туруп,*
*Кардан ак көңүлүңө карап туруп,*
*Өзүмдү эмес, өзүңдү аяп туруп,*
*Аргасыз мен да кеттим...*

*Түшүнүп эч жибибес көктүгүңдү,*
*Түшүнүп сенин түшүнбөстүгүңдү,*
*Жол тоомунда олдоксон бара жатам,*
*Издөөгө өздүгүмдү...*

*Сен менин*
*Сүйүүмө күбө болбой,*
*Үйүмө бүлө болбой,*
*Кала бер каламыма бүлөө болуп.*

*Мен сага*
*Эч качан күнөө койбой,*
*Жүрсөң да бир ойлонбой,*
*Күйөрман бойдон калам, күйөөң болбой...*

01.02.24

## Тоолорго

*Көк асманды курсакка сайып турган,*
*Чокулары илдеттен айыктырган.*
*Тунжураган көгүндө сызгым келет,*
*Тунжурудай канатты жайып кырдан.*

*Беги тургай ити да май чайнаган,*
*Бетте жүргөн койчусу ай жандаган.*
*Тоолоруму токтоосуз качкым келет*
*Тулпарындай мамыга байланбаган.*

*Суулары бал. Коктусу мал жыттанат,*
*Сурнай чалып булуттар калкып барат.*
*Көркөмүнө жан берип кулап түшпөй,*
*Көктө күнү турду экен кантип карап?*

*Турса дагы өзүнө тартып калаа,*
*Караан үзөм өзүңдөн кантип гана.*
*Элечектей ээн жерде жайнап жаткан,*
*Кооз үйлөрдөн боз үйлөр артык мага!*

*Төө башына күн түшсө арык болор,*
*Дөө башына күн түшсө карып болор.*
*Күргүйлөрга турамын кулаганы,*
*Көтөргүлө, оо мени алп тоолор!*

19.07.22

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№8 (306)
30 08 2024
kyrgyztili@mail.ru

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779,34 СОМ

**Кыргыз тили**
Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы

**Редактор:** Дүйшөн КЕРИМОВ 0(700) 88 81 41
**Жооптуу катчы:** Жапар уулу Орозалы 0(553) 932 503

КР Юстиция министрлигинде каттоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:** 720040, Бишкек шаары, Айтматов көчөсү, 1/1
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил."Берекет" БИК 121008 р/с 1212000300007078 ОК ПО 24637707 ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Ибраимов көчөсү, 24
**Буюртма:** 400
**Нускасы:** 3 160